*Лицензиянын мөөнөтү 2014-жылдын 24-февралында аяктаган. Медициналык кызмат көрсөтүү боюнча ишкердик менен алектенүүнү уланткан Ф. Стоматологиялык кабинеттин бейтаптарды каттоо журналынын маалыматы боюнча 2018-жылдын апрелинен 2019-жылдын сентябрына чейин жалпы суммасы 1 159 465 сомдук стоматологиялык кызмат көрсөткөн Ф.*
*Ишти чечүү учурунда Фга 2019-жылдын 4-ноябрында кайрадан жеке медициналык иш жүргүзүүгө лицензия берилгени анын 2018-жылдын апрель айынан 2019-жылдын сентябрына чейин укук бузуунун мүнөзүн өзгөртпөйт.*

Лицензиясыз иш-аракеттерге башка адамга таандык лицензия боюнча иш да кирет. Ал эми өткөрүп берүүнүн өзү лицензиянын шарттарын бузуу болуп калат.
Лицензиялоонун жалпы шарттары Иштин айрым түрлөрүн лицензиялоо жөнүндө жобонун 8-главасында каралган жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын сактоодон турат. Кошумча лицензиялык талаптардын жана шарттардын тизмеси иштин белгилүү бир лицензиялануучу түрүнө карата аталган Жободо каралат.
Көбүнчө лицензиялык шарттарды бузуу мыйзам тарабынан чектелген учурларда лицензиялануучу ишти лицензиянын аймагынан тышкары жүзөгө

ашыруу менен байланышкан (нотариалдык иш, ветеринардык практика, мурда медициналык ишмердүүлүк, кээ бир учурларда камсыздандыруу иши).
Ири зыян (өлчөм) - кылмыш жасалган учурда эсептик көрсөткүчтөн он миң эсе, өзгөчө ири зыян - эсептелген көрсөткүчтөн жыйырма беш миң эсе көп болгон материалдык (мүлктүк) зыян.
Келтирилген зыяндын ордун ыктыярдуу толтурган учурда, адам кылмыш-жаза жоопкерчилигинен жана Кылмыш-жаза кодексинин 218-беренесинде каралган жосун жасагандыгы үчүн жазадан бошотулууга тийиш.

### B. Администрациялык жоопкерчилик

Администрациялык жоопкерчилик төмөнкүлөр үчүн каралат:

- Ишкердикти лицензиясы жок жүзөгө ашыруу (Укук бузуулар кодексинин 284-беренеси);
- Лицензиялык талаптарды бузуу (Укук бузуулар кодексинин 284-беренеси);
- Лицензия алуу үчүн анык эмес маалыматтарды берүү (Укук бузуулар кодексинин 285-беренеси).

Иштин айрым түрлөрүн лицензиясыз бузгандыгы үчүн же лицензиянын шарттарын бузгандыгы үчүн жоопкерчилик башка беренелер менен (мисалы, банк операциялары (299-берене), телерадио уюмунун иши (406- берене)) белгилене тургандыгын эске алуу керек. Мындай учурларда укук бузуулардын квалификациясы Укук бузуулар кодексинин 284 жана 285 беренелеринен алынып салынат.
Лицензиясыз же лицензиялык талаптарды бузуу менен ири же өзгөчө ири өлчөмдө зыян келтирген ишкердик ишти жүзөгө ашыруу Кылмыш-жаза кодексинин 218-беренесинде каралган жоопкерчиликке алып келет.
Практикада көбүнчө лицензиясыз иш түрүндөгү кылмыш (укуктук) жасаган адамга карата соттун өкүмү бүтүмдүн квалификациясына таасир этеби деген суроо туулат. Төмөнкү мисал мындай учурларда бир катар жагдайларды эске алуу керектигин көрсөтүп турат.

***№2 Мисал:***

*Заем келишими боюнча Ирина Владимирден 2014-жылдын июль айында 200 миң сом алган. Күрөө катары ал ага кыймылсыз мүлккө болгон укуктарын кайра каттаткан. Бул үчүн тараптар кыймылсыз мүлктү сатуу боюнча келишим түзүп, ал кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо боюнча ыйгарым укуктуу органда каттоодон өткөн.*
*2019-жылдын август айында заем берүүчү сот тарабынан мыйзамсыз ишкердик үчүн соттолгон.*

*Кийин Владимир Иринадан кредиттик келишим боюнча 200 000 сом өлчөмүндөгү карызды жана үстөк пайызын кайтарып берүүнү талап кылган. Жоопкер заем келишимди жараксыз деп табууну талап кылып, тосмо доо арыз менен кайрылган. Ирина карызды кайтарбагандыктан, сот Владимирдин талаптарын канааттандырган. Сот тосмо доо арызды четке какты. Соттун айтымында, ал акчаны өз муктаждыгы үчүн жана өз демилгеси менен алган.*

*Соттун айтымында, Владимир күнөөлүү деп табылганынын юридикалык мааниси жок. Ал жабырлануучулар менен заем келишимдерди түзгөндүгү үчүн эмес, иш жүзүндө каттоосуз жана лицензиясы жок ишкердик жүргүзгөндүгү үчүн соттолгон.*

# 4. ИШКЕР СУБЪЕКТТЕРИНИН САЛЫКТЫК УКУК МАМИЛЕЛЕРИ

Кыргыз Республикасынын Салык кодекси ишкер субъекттер тарабынан салык төлөө чөйрөсүндөгү мамлекеттик жөнгө салуунун актуалдуулугун жана мыйзамдык деңгээлде ордун аныктайт.
Салыктык укук мамилелери төмөнкүдөй түрлөргө бөлүнөт:
- салыктарды жыйноо боюнча салыктык укук мамилелери, салыктарды жыйноо менен байланышкан мамилелер;
- салыктык контроль чөйрөсүндөгү салыктык укук мамилелери, салыктарды туура эсептөө жана өз убагында төлөө менен байланышкан мамилелер;
- салыктык жоопкерчиликке тартуу үчүн салыктык укук мамилелери.

## 4.1. Салык мыйзамынын принциптери

Салык мыйзамында негизделген принциптерди карап көрөлү:
1) Кыргыз Республикасынын Салык кодексинде каралбаган салыкты төлөө милдети эч кимге жүктөлүшү мүмкүн эмес (мыйзамдуулук принциби);
2) Ар бир салык төлөөгө милдеттүү (милдеттенме принциби);
3) Кыргыз Республикасынын салык системасы Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында бирдиктүү (бирдиктүүлүк принциби);
4) салыктык укук мамилелерин жөнгө салуучу мыйзам актылары милдеттүү түрдө жарыяланууга тийиш (жарыялык принциби);
5) салыктар гендердик, социалдык, расалык, улуттук, диний критерийлер боюнча басмырлоочу жана колдонулушу мүмкүн эмес (адилеттик принциби);
6) салык төлөөчү бул факты документалдуу далилдер боюнча төгүндөлгөнгө чейин ак ниеттүүлүк менен аракеттенет (ак ниеттүүлүк презумпциясынын принциби);
7) Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарында мындай аракеттерге же аракетсиздикке тыюу салынган учурларды кошпогондо, салыктык укук мамилелери келип чыкканда салык төлөөчү же салык өкүлү бардык учурларда, бир эле мезгилде төмөнкүдөй шарттарды сактоо менен, укук ченемдүү аракеттенүүчү же аракеттенбөөчү катары таанылат: аракеттенүү же аракетсиздик Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарында белгиленген принциптерге каршы келбейт; жана аракеттенүү же аракетсиздик салык милдеттенмелерин тийиштүү түрдө аткарууга жолтоо кылбайт (Укук ченемдүүлүктүн презумпциясы);

8) салыктарды белгилөөдө ар бир салык боюнча салык салуунун бардык элементтери аныкталууга тийиш (айкындуулук принциби);
9) Салыктык стимулдар максаттарга жетишүүгө багытталууга тийиш: Кыргыз Республикасынын экономикасын туруктуу өнүктүрүүгө дем берүү, калкты социалдык жактан колдоо жана социалдык жеңилдиктерди стимулдаштыруу (салыктык жеңилдиктердин натыйжалуулук принциби).

## 4.2. Салыктык администрациялоо

Жаны Салык кодекси кабыл алынып, салык органдары:
1) алгачкы тергөө органынын иш-милдеттери менен укук коргоо органынын статусуна ээ, айрыкча, төмөнкү ыкчам издөө иштерин колдонгонго укуктуу (Кыргыз Республикасынын мыйзамы «Изин суутпай издөө иши жөнүндө», 7, 16 беренелер):

- жарандардан сураштыруу;
- маалымдамаларды чогултуу;
- салыштырып изилдөө үчүн үлгүлөрдү чогултуу;
- текшерүү үчүн сатып алуулар;
- нерселерди жана документтерди иликтөө;
- контролдонуучу жөнөтүүлөр (текшерип жөнөтүү);
- инсанды окшоштуруу;
- имарат жайларды, имараттарды, курулуштарды, жер участокторун жана транспорт каражаттарын текшерүү;
- почта жөнөтүүлөрүн, телеграфтык жана башка билдирүүлөрдү контролдоо;
- телефон жана башка сүйлөшүү түзүлмөлөр боюнча жүргүзүлгөн сүйлөшүүлөрдү тыңшоо жана жазып алуу;
- байланыштын техникалык каналдарынан маалымат алуу;
- жашыруун ишканаларды жана уюмдарды түзүү;
- изин суутпай издөөчүнү арасына кошуу;
- изин суутпай байкоо жүргүзүү;
- изин суутпай жүргүзүлүүчү эксперимент;
- жагдайды изин суутпай белгилөө колдонулат;
- мыйзам менен корголгон жеке турмушунун, турак жайынын кол тийбестигин, жеке жана үй-бүлөлүк сырын, ошондой эле жеке салымдарынын жана жыйнаган акчаларынын, кат алышуунун, телефон сүйлөшүүлөрүнүн, почта, телеграф жана башка

билдирүүлөрүнүн купуялуулугун козгобогон маалыматтарды алуу үчүн техникалык каражаттарды колдонуу;

- сүйлөшүүлөрдү тымызын тыңшоо жана жазуу (видео-, аудиотехниканы жана (же) атайын техникалык каражаттарды колдонуу менен);
- абоненттердин жана (же) абоненттик түзүлмөлөрдүн ортосундагы байланышуулар тууралуу маалыматты алуу.

2) Салык кызматынын органдарынын чыгымдарын каржылоо, анын ичинде эмгек акы төлөө, материалдык-техникалык камсыз кылуу, кызматкерлерге материалдык жактан дем берүү, өткөн бюджеттик жыл үчүн салык кызматынын органдары тарабынан чогултулган салыктык каражаттардын, салыктык эмес кирешелердин суммасынын 3 пайыз өлчөмүндөгү каражаттарынын эсебинен жүргүзүлөт (Кыргыз Республикасынын Салык кодекси, 57 берене).

Кыргыз Республикасынын Салык кодексине ылайык, төмөнкү органдар салык мыйзамынын жоболорун, анын аткаруу тартиби боюнча чечмелөө/түшүндүрмөлөрдү берет:

1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенеши – Салык кодексинин жоболорун расмий чечмелөө (түшүндүрмөлөрдү) берет (Кыргыз Республикасынын мыйзамы «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө», 31 берене);
2. Экономика жана коммерция министрлиги:
    - Салык мыйзамдарын колдонуу боюнча түшүндүрмөсү салык кызматынын органдары тарабынан аткаруу үчүн милдеттүү жана укук коргоо жана сот органдары тарабынан салыктык талаштарды кароодо жана процесстик иш-аракеттерди жүргүзүүдө далил катары кабыл алынышы мүмкүн (Кыргыз Республикасынын Салык кодекси, 20 беренеси, 2-бөлүм);
    - Салык Кодекстин ченемдеринин ортосунда карама-каршылыктардын болушу же болбошу же салыктык укук мамилелерин жөнгө салуу үчүн зарыл ченемдердин болбошу жөнүндө чечимди кабыл алат (Кыргыз Республикасынын Салык кодекси, 17 беренеси, 4-бөлүм);
3. Салык кызматынын органдары салык милдеттенмелерин аткаруу тартиби жана жол-жоболору боюнча салык төлөөчүнүн суроо-талаптары боюнча жазуу жүзүндө жооп берүүгө милдеттүү (Кыргыз Республикасынын Салык кодекси, 20 беренеси, 3-бөлүм).

## 4.3. Ишкердик субъекттеринин контролдоо жана көзөмөлдөө ишин жөнгө салуу

Кыргыз Республикасынын мыйзамы «Ишкердиктин субъекттерине текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» текшерүү боюнча аныктамасын берет.
Текшерүү - текшерүүнүн субъекттеринин ишин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын алардын сакташына мамлекеттик контролдун же көзөмөлдүн ар кандай формасы.

2021-жылдын 17-декабрында Министрлер Кабинетинин токтому менен ишкердиктин субъекттерине текшерүүлөрдү жүргүзүүгө укугу бар ыйгарым укуктуу органдардын тизмегин жактырат. Азыркы убакта, 15 мамлекеттик орган ишкер субъектттерин текшергенге укуктуу:

1. Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматы.
2. Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы.
3. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Баалуу металлдар департаменти.
4. Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департамент.
5. Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Энергетикалык көзөмөл боюнча кызматы.
6. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө департаменти.
7. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Дары каражаттары жана медициналык буюмдар департаменти.
8. Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу Эмгек мыйзамдарын контролдоо жана көзөмөлдөө боюнча кызмат.
9. Кыргыз Республикасынын Айыл чарба жана министрлигине караштуу Ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча кызмат.
10. Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Жерди жана сууну көзөмөлдөө боюнча кызмат.
11. Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Өрт көзөмөлү боюнча кызмат.

12. Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине караштуу Экологиялык жана техникалык көзөмөл кызматы.
13. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин архитектуралык-курулуштук контролдоо боюнча башкармалыктары.
14. Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Байланыш тармагында жөнгө салуу жана көзөмөлдөө боюнча кызмат.
15. Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин Транспорт коопсуздугу чөйрөсүндөгү контроль жана көзөмөл боюнча башкармалыгы.

Кыргыз Республикасынын мыйзамы «Ишкердиктин субъекттерине текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө», 4 беренесине ылайык,

- эгерде текшерүүнүн обьекти болуп эсептелбесе же текшерүүнүн затына таандык болбосо айлана-чөйрө обьекттерин жана өндүрүштүк чөйрө объекттерин иликтөө документтерин, маалыматты, продукциянын үлгүлөрүн, сынамдарын көрсөтүүнү талап кылуу, ошондой эле ушундай документтердин түп нускасын алуу;
- текшерүү жүргүзгөн учурда текшерүүнүн субъекттеринен жазапулдарды жана башка төлөмдөрдү накталай түрүндө алууга. Бардык эсеп-кысаптар тийиштүү эсептешүү эсептери жана кредит-кассалык мекемелер аркылуу гана жүргүзүлүүгө тийиш;
- текшерүү иштерин жүргүзүүнүн белгиленген мөөнөттөрүнөн ашып кетүү;
- эгерде мындай талаптар алардын атынан ошол кызмат адамдары иш алып барган жаткан мамлекеттик контроль жана көзөмөл органдарынын ыйгарым укуктарына таандык болбосо, милдетүү талаптардын жана нормативдик укуктук актыларда белгиленген талаптардын аткарылышын текшерүү;
- анонимдүү арыздар, б.а. арыз ээси жана анын байланыш маалыматы (жашаган жеринин дареги, байланыш телефону ж.б.) көрсөтүлбөгөн же туура эмес көрсөтүлгөн жарандар, ишкерлер жана башка адамдар тарабынан демилге кылынган пландуу же пландан тышкаркы көчмө текшерүүнү ишке ашыруу.

Ишкердик субъекттерине жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына карата укук коргоо жана салык кызматы органдары тарабынан жүргүзүлүүчү текшерүүлөрдү каттоонун Убактылуу Эрежелерине (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген 2016-жыл 27-июль №417) ылайык, прокуратура органдарында каттоосуз жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын, ишкер субъекттерин текшерүүлөрдү жүргүзүүгө жол берилбестиги жөнүндө камтылган.

Каттосуз текшерүүлөр, ошондой эле, изин суутпай издөө иши менен болгон текшерүүлөр, дагы ошондой эле жазык-процесстик мыйзамдардын чегинде жүргүзүлгөндөр ушул Убактылуу эрежелерди бузуу болуп саналат жана мындай текшерүүлөрдүн натыйжалары жараксыз деп табылат.

***Каттоо керектелбейт, эгер:***

- уруксат берүүчү документтерсиз (юридикалык жак же жеке ишкер катары каттоо жөнүндө күбөлүк, лицензиялар, уруксаттар жана экономикалык ишти жүргүзүү укугуна патент) жана/же салык органында каттоосуз ишкердик ишин жүргүзгөн жактарга карата жүргүзүлүүчү рейддик салык контролуна;
- жоюу, банкроттук жол-жоболорун жүргүзүү мезгилинде же уюмду кайра уюштурууга байланыштуу юридикалык жана жеке жактарга карата жүргүзүлүүчү пландан тышкары текшерүүлөргө;
- жеке ишкердик ишин токтотууга байланыштуу жүргүзүлүүчү пландан тышкары текшерүүлөргө;
- бажы мыйзамдарын сактоо маселелери боюнча бажы органдары тарабынан жүргүзүлүүчү бажы текшерүүлөрүнө;
- салык органдары тарабынан жүргүзүлүүчү камералык текшерүүлөргө жана контролдук сатып алууларга.

Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын мамлекеттик көзөмөлдөөчү органдарынын салыктык эмес текшерүүлөрүнүн ведомстволор аралык бирдиктүү реестринин расмий веб-порталы иштейт **www.proverka.kg.**

Порталда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлгөн юридикалык жактардын жана жеке ишкерлердин ишин пландуу жана пландан тышкаркы текшерүүлөр жөнүндө ачык маалымат берилет.

# 5. ИШКЕР СУБЪЕКТТЕРИНИН ЖООПКЕРЧИЛИКТЕРИНИН АР КАНДАЙ ТҮРЛӨРҮНҮН ӨЗГӨЧҮЛӨРҮ

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдагы Конституциясынын 59-беренесинин 2-пунктунда маанилүү принцип бекитилген:
«Эч ким кандайдыр бир жарандык укуктук милдеттенмесин аткарууга мүмкүнчүлүгү жок деген негизде гана эркиндигинен ажыратылышы мүмкүн эмес».
Ушуга байланыштуу жалпы граждандык-укуктук мамилелер чөйрөсүндө, атап айтканда, ишкердик мамилелер чөйрөсүндө жоопкерчиликти бөлүштүрүүнүн актуалдуулугу эч кандай шек туудурбайт.
Ошол себептен Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 4-мартындагы № 61 «Ишкердик субъекттерин коргоо боюнча кошумча чаралар жөнүндө» Жарлыгынын 2-пунктунда укук коргоо органдарына экономикалык мүнөздөгү кылмыш иштерин козгоону жана тергөөнү токтото туруу сунушталган, мындай иштер граждандык-административдик тартипте чечилүүгө жана граждандык жана экономикалык иштер боюнча соттордо каралууга тийиш.

**Ишкерлердин жоопкерчилиги** чарбакер субъекттердин, кардарлардын, кызматкерлердин, мамлекеттин аткарылбаган белгиленген (келишимдик) милдеттерин (милдеттенмелерин), бузулган укуктарын калыбына келтирүүгө багытталган милдеттенме, белгилүү иш-аракеттерди жасоо зарылчылыгы түшүнүлөт.

Жоопкерчилик, келишимдер аткарылбаган же талаптагыдай эмес аткарылган учурда мыйзамдарда белгиленген милдеттерди жана милдеттенмелерди аткарбагандыктан келип чыгат.
Ишкерлер юридикалык жоопкерчилик тартышат, бул юридикалык ченемдерде (мыйзамдарда) жана келишимдерде белгиленген өз милдеттерин жана милдеттенмелерин аткарбаса, ишкерлердин жагымсыз кесепеттерге дуушар болуу милдеттенмеси.
Жоопкерчиликти белгилеген укуктук ченемдердин тармактык тиешелүүлүгүнө жараша граждандык, административдик жана кылмыш-жаза жоопкерчилиги колдонулат. Тартиптик, материалдык, моралдык жоопкерчилик да бар.

# ИШКЕРДИН ЖООПКЕРЧИЛЕРИНИН ТҮРЛӨРҮ

| **Жоопкерчиликтин түрү** | **Эмне үчүн жоопкерчиликке тартылат** | **Ким тартат** | **Кандай формада ишке ашырылат** |
|---|---|---|---|
| Материалдык | Ишканага, мекемеге, уюмга келтирилген зыян учун | Ишкананын, мекеменин, уюмдун администрациясы | Айып |
| Тартиптик | Тартиптик укук бузуулар үчүн - эмгек жана кызмат тартибин бузуу | Ишкананын, мекеменин, уюмдун администрациясы | Эскертүү, сөгүш берүү; кызматтан бошотуу |
| Граждандык-укуктук | Мүлктүк мүнөздөгү келишимдик милдеттенмелерди бузгандыгы, келишимден тышкаркы зыян келтиргендиги үчүн | Сот, административдик орган | зыяндардын ордун толтуруу, айып төлөмүн өндүрүү, келишимдин жараксыздыгынын кесепеттерин колдонуу, укукту мажбурлап калыбына келтирүү |
| Административдик | Административдик укук бузуулар үчүн | Сот, министирликтер, ведомстволор жана алардын компетенциясына ылайык башка мамлекеттик органдар, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы, шайлоо | Эскертүү, коомдук жумуштарга тартуу, айып салуу, чет өлкөлүк жарандарды чыгаруу, камакка алуу;<br><br>кошумча чаралар (айып салуу, мүлкүн убактылуу камакка алуу, транспорт |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | комиссиялары, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары | каражаттарын адистештирилген токтотуучу жайга мажбурлап эвакуациялоо, дөңгөлөктөрдү бекиткичтерди же башка типтеги түзүлүштөрдү колдонуу, транспорт каражатын башкаруудан четтетүү, атайын укуктан ажыратуу, кызмат адамын ээлеген кызматынан бошотуу), иштин белгилүү бир түрүн токтотуу, объектти баштапкы абалына келтирүү, объектти же анын бөлүгүн бузуу (демонтаждоо). |
| Салыктык | Жасалган укук бузуулар үчүн | ыйгарым укуктуу мамлекеттик салык орган | эскертүүгө же айып салууга алып келет |
| Кылмыш-жаза | Жасалган кылмыштар үчүн | | Материалдык зыяндын ордун толтуруу жана моралдык зыяндын ордун толтуруу (адамды кылмыш жоопкерчилигинен же жазадан бошотууга карабастан сот тарабынан |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | колдонулат). Моралдык зыяндын ордун толтуруу - келтирилген зыяндын оордугуна жараша эсептик көрсөткүчтүн 50дөн 1000ге чейинки өлчөмүндө. Граждандык кодексте белгиленген доонун эскирүү мөөнөтү колдонулбайт (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 71-беренеси). |

## 5.1.Граждандык жоопкерчилик

Базар экономиканын субъекттери катары ишкерлер, граждандык жүгүртүүнүн катышуучулары, биринчи кезекте граждандык-укуктук жоопкерчилик тартышат, бул граждандык мыйзамдарда белгиленген милдеттерди жана милдеттерди аткарбагандыгы же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн укуктук кесепеттерди жаратат.

Граждандык жоопкерчилик укук бузуучуга башка жакка (кредиторго) карата же мамлекетке же мыйзамда же келишимде белгиленген чараларды көрүүнүн абалына карата, неустойканы (айыппул, пеня) төлөө түрүндөгү укук бузуучу үчүн терс мүлктүк (финансылык) кесепеттерге алып келүүчү чараларды колдонууда көрүнөт.

| |
|---|
| **Граждандык жоопкерчилик мүлктүк болуп саналат, компенсациялык мүнөздө болот, анткени аны колдонуунун негизги максаты жабырлануучунун (кредитордун) укуктарын калыбына келтирүү болуп** |

| |
|---|
| **саналат.** |

Ал келишимдик эмес мамилелерден келип чыгат, тиешелүү укук ченемдери менен белгиленет, ошондой эле түзүлгөн келишимдерди аткарбоо же талаптагыдай эмес аткаруудан келип чыккан келишимдик болуп саналат.

Ошол эле учурда граждандык мыйзамдар ***ишкердик субъектинин жоопкерчиликтүү жүрүм-турумуна*** талаптарды күчөтөт. Мындан тышкары, ишке жоопкерчиликтүү мамиле кылуу - бул жөнөкөй билдирүү эмес, анткени мыйзам аны менен белгилүү бир юридикалык кесепеттердин башталышы менен байланышкан.

***№3 Мисал:***

*1) Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 356-беренесинин 1-пунктуна ылайык, милдеттенмени аткарбаган же аны тийиштүү түрдө аткарбаган жак, мыйзамда же келишимде жоопкерчиликтин башка негиздери каралгандан тышкары учурда, жасалган күнөөсү (атайын же байкабастыктан) болгондо, жоопкерчиликти көтөрөт.*

*2) Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 954-беренесинин 3-пунктуна ылайык, мүмкүн болуучу чыгымдарды азайтуу үчүн камсыздандырылуучу акыл-эстүү жана жеткиликтүү чараларды атайылап көрбөгөндүгүнөн улам пайда болгон чыгымдарды төлөөдөн камсыздандыруучу бошотулат.*

Эки учурда тең жактын терс кесепеттерди жоюуга же оорчулукту азайтууга багытталган аракеттерди жасоосу ишке жоопкерчиликтүү мамиле кылуунун көрүнүшү болуп саналат.

Күнөөлүү тараптын жоопкерчилигинин деңгээли (ролунун) көз карашы боюнча граждандык жоопкерчилик тилектеш түрдө, субсидиардык жана аралаш болуп бөлүнөт.

Эгерде келишимде каралса же мыйзамда белгиленсе, атап айтканда, милдеттенменин предмети бөлүнбөс болсо, тилектеш түрдө жоопкерчилик же чогуу талап келип чыгат. Эгерде мыйзамда, башка мыйзам актыларында жана милдеттенменин шарттарында башкача каралбаса, бир нече карызкордун ишкердик ишмердүүлүк менен байланышкан милдеттенме боюнча милдеттенмелери, ошондой эле мындай милдеттенме боюнча бир нече кредиторлордун талаптары тилектеш түрдө жана чогуу талап болуп саналат (Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 312-беренеси). Карызкорлордун тилектеш түрдө милдеттенмеси болгон учурда кредитор бардык карызкорлордон биргелешип да, алардын каалаганынан да өз-өзүнчө,

карыздын толугу менен да, бир бөлүгүн да аткарууну талап кылууга укуктуу. Биргелешкен карызкорлордун биринен толук канааттандырылбаган кредитор милдеттенме толугу менен аткарылганга чейин милдеттенмеде кала турган калган тилектеш түрдө жана бир нече карызкорлордон алынбай калган карызды талап кылууга укуктуу. Карызкорлордун биринин тилектеш түрдө милдеттенмени аткаруусу башкаларды милдеттенмелерди аткаруудан бошотот.

***№4 Мисал:***

*Толук эмес салым кошкон жоопкерчилиги чектелген коомдун катышуучулары анын милдеттенмелери боюнча катышуучулардын ар биринин салымынын төлөнбөгөн бөлүгүнүн наркынын чегинде тилектеш түрдө жоопкерчилик тартышат (Граждандык кодекстин 127-беренесинин 1-пункту).*

**Субсидиардык жоопкерчилик** - мыйзамда же келишимде каралган учурларда милдеттенменин талаптагыдай аткарылышы үчүн карызкор менен бирге кредиторлордун алдында жооп берген жактардын (тараптардын) кошумча жоопкерчилиги.

***№5 Мисал:***

*1) Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 114-беренесине ылайык, толук шериктиктин катышуучулары шериктиктин милдеттенмелери боюнча өздөрүнүн мүлкү менен биргелешип субсидиардык жоопкерчилик тартышат. Толук шериктиктин уюштуруучусу болуп саналбаган катышуучу ал шериктикке киргенге чейин келип чыккан милдеттенмелер боюнча башка катышуучулар менен бирдей жоопкерчиликте болот. Шериктештиктен чыккан катышуучу шериктештиктин өзү андан чыкканга чейин пайда болгон милдеттенмелери боюнча ал шериктештиктен чыккан жыл үчүн шериктештиктин ишмердиги боюнча отчет бекитилгенден кийинки эки жыл бою калган катышуучулар менен бирдей жоопкерчиликти көтөрөт.*

*2) Кошумча жоопкерчилиги бар коомдун катышуучулары анын милдеттенмелери боюнча өздөрүнүн мүлкү менен коомдун уюштуруу документтеринде аныкталган салымдарынын бардык наркына бирдей эселенген өлчөмдө субсидиардык жоопкерчиликти бардыгы тең тартышат (Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 138-беренесинин 1-пункту).*

**Аралаш жоопкерчилик** - эки тараптын тең күнөөсү боюнча милдеттенменин аткарылбаганынан же талаптагыдай эмес аткарылышынан келип чыккан жоопкерчилик. Граждандык кодекстин 357-беренесинин 1-пунктуна ылайык, эгерде милдеттенменин аткарылбай же тийиштүү түрдө аткарылбай калышы эки тараптын тең күнөөсү болсо, сот тиешелүү түрдө карызкордун жоопкерчилик өлчөмүн азайтат. Бул карызкордун да, кредитордун дагы активдүү аракеттери талап кылынган учурларга тиешелүү жана милдеттенменин аткарылышы ар бир тараптын жүрүм-турумуна жараша болот.

***№6 Мисал:***

*Эгерде подряд келишими боюнча буюртма моделге туура келбеген тетиктерди киргизүүнү талап кылган буюртмачынын жана бүтүндөй алганда анын буюртмасын билбестик менен аткарган подрядчынын күнөөсү боюнча бузулса, жоопкерчиликтин аралашуусуна негиздер бар.*

## 5.2. Материалдык жоопкерчилик

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 273, 274-беренелерине ылайык, уюмдун (ишкананын) ээси катары, кызматкерлердин мыйзамсыз жана күнөөлүү жүрүм-турумунун натыйжасында ишкерге келтирилген зыян үчүн кызматкерлердин жоопкерчилигин белгилейт.
Материалдык жоопкерчилик эки түргө бөлүнөт: чектелген (орточо айлык эмгек акынын чегинде) жана толук, жеке жоопкерчилик жөнүндө келишим түзүлгөн кызматкерлер үчүн белгиленген.

***№7 Мисал:***

*Толук материалдык жоопкерчилик кызматкер бир жолку документтер боюнча отчет боюнча материалдык баалуулуктарды (акчаларды) алганда, ошондой эле зыян келтирген кызматкердин аракеттеринде кылмыштын белгилерин камтыган учурда белгиленүүгө тийиш (Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 283-беренеси).*

## 5.3. Тартиптик жоопкерчилик

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 146-беренесине ылайык, эмгек тартибин бузгандарга таасир көрсөтүүнүн (жазалоонун) бир түрү катары кызматкерлердин тартиптик жоопкерчилигин белгилөөгө укуктуу. Төмөнкү тартиптик жазалар колдонулат: эскертүү, сөгүш, иштен бошотуу.

## 5.4. Административдик жоопкерчилик (укук бузуулар үчүн жоопкерчилик)

Жеке адамдар жана коммерциялык уюмдардын кызмат адамдары катары ишкерлердин административдик жоопкерчилиги алар тарабынан ишкердик ишмердүүлүк жүрүшүндө административдик укук бузуулар жасагандыгы үчүн белгиленет. Мындай жоопкерчилик, Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинде жоопкерчилик катары каралган укук бузуу, башкача айтканда, укукка каршы, күнөөлүү (атайын же байкабастык) жосун (аракет же аракетсиздик) деп таанылат. Мындан тышкары, эгерде бул жосундар Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине ылайык жоопкерчиликке алып келбесе, укук бузуулар үчүн жоопкерчилик пайда болот (Укук бузуулар жөнүндө кодекси, 14-беренеси).

Ишкерлер үчүн жеке адамдар катары административдик жазанын (жоопкерчиликтин) негизги жана эң көп колдонулуучу түрү болуп 10 дон 10000ге чейинки эсептик көрсөткүчтүн чегинде белгиленген акчалай айып эсептелет (Укук бузуулар жөнүндө кодекси, 31-беренеси).

Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинде ишкердик чөйрөсүндөгү бир нече укук бузууларды камтыган «Ишкердикти жүзөгө ашыруу, монополияга каршы жөнгө салуу жана атаандаштыкты өнүктүрүү чөйрөсүндөгү башкаруу тартибине каршы укук бузуулар» (282-294-беренелер) деген атайын 31-глава бар. Маселен:

- 282-берене. Спиртти жана алкоголдук ичимдиктерди өндүрүү жана сатуу тартибин бузуу;
- 283-берене. Спирт ичимдиктерин үй шартында даярдоо, сатып өткөрүү жана сактоо;
- 284-берене. Ишкердикти лицензиясы жок жүзөгө ашыруу;
- 285-берене. Лицензия алуу үчүн анык эмес маалыматтарды берүү;
- 286-берене. Соода эрежелерин бузуу;
- 287-берене. Товар рыногунда үстөмдүк абалдан кыянаттык менен пайдалануу;

- 288-берене. Чарба жүргүзүүчү субъекттин (адамдардын тобунун) атаандаштыкты чектеген макулдашууну (картелди) түзүү же атаандаштыкты чектөөчү макулдашылган иш-аракеттерди жүзөгө ашыруу;
- 289-берене. Ак ниет эмес атаандаштык;
- 290-берене. Бааларды (тарифтерди) түзүүнүн жана колдонуунун белгиленген тартибин бузуу;
- 291-берене. Бааларды (тарифтерди) макулдашуу тартибин бузуу;
- 292-берене. Монополияга каршы жөнгө салуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органга өтүнүч каттарды, билдирүүлөрдү (арыздарды) жана маалыматтарды бербөө;
- 293-берене. Соода ишин жүзөгө ашырууда монополияга каршы эрежелерди бузуу;
- 294-берене. Монополияга каршы мыйзамдарга ылайык жол берилбеген чарба жүргүзүүчү субъекттердин экономикалык ишин координациялоо.

Ишкердик ишмердүүлүктүн жүрүшүндө жасалган укук бузуулардын катарына дагы төмөнкүлөр кирет: баалуу металлдар жана асыл таштар менен операцияларды жүзөгө ашыруу чөйрөсүндөгү башкаруу тартибине каршы укук бузуулар (32-глава, 295-298-беренелери); финансылык кызмат көрсөтүүлөр рыногунда банктык жана башка ишти жүзөгө ашыруу чөйрөсүндөгү башкаруу тартибине каршы укук бузуулар (33-глава, 299-307-беренелери); эсептерди жүргүзүү, бухгалтердик эсепти жана салык салууну жүзөгө ашыруу, ошондой эле күзөт-детектив кызматы чөйрөсүндөгү башкаруу тартибине каршы укук бузуулар (34-глава, 308-325-беренелери); банктык эмес финансы рыногун жөнгө салуу боюнча башкаруу тартибине каршы укук бузуулар (35-глава, 326-353-беренелери) ж.б.

Административдик жоопкерчиликти мүнөздөөдө анын өзгөчөлүктөрүн атаса болот:

1) административдик жоопкерчилик жогорку коомдук коркунуч туудурбаган жана кылмыш-жаза жоопкерчилигинин чөйрөсүнө кирбеген укук бузуулар үчүн тартылса;

2) мындай жоопкерчилик ар дайым юридикалык же жеке жактын укукка каршы аракетинин (аракетсиздигинин) натыйжасы болуп саналат;

3) жоопкерчилик негизинен жеке эмес, мамлекеттик (коомдук) чөйрөдөгү укук бузуулардын натыйжасында келип чыгат;

4) жоопкерчилик оперативдүү мүнөзгө ээ;

5) ар кандай ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар (алардын кызмат адамдары) тарабынан колдонулат;
6) Укук бузуулар жөнүндө кодексинин негизинде орундалат жана алдын алуучу мүнөзгө ээ (б.а. коркунучтуу жосундун - кылмыштын жасалышын болтурбайт);
7) ишкер субъекттерге административдик жоопкерчилик чараларын колдонуу биринчи кезекте мамлекеттин жана калктын коомдук таламдарын коргоого, экинчи жагынан, башка ишкерлердин укуктарын жана эркиндиктерин укуктук жактан коргоону камсыз кылууга багытталган.

## 5.5. Салыктык жоопкерчилик

Салыктык укук бузуу - салыктык укук мамилелеринин катышуучусунун административдик жана/же жазык укук бузуунун белгилерин камтыбаган күнөөлүү, укукка каршы аракети (аракети же аракетсиздиги).

**156-берене. Салыктык укук бузуу жасагандыгы үчүн жоопкерчилик**

1. Салыктык укук бузуу жасагандыгы үчүн жоопкерчилик болуп салыктык укук бузууну жасоого күнөөлүү салыктык укук мамилелеринин катышуучусуна карата сот же болбосо компетенттүү орган (кызмат адамы) тарабынан айыптоо жана жаза чараларын колдонуу түрүндөгү салыктык укук бузууну жасоонун укуктук кесепети саналат.

**Салыктык укук бузуулар үчүн жоопкерчиликке тартуунун жалпы принциптери**

| |
|---|
| Салык Кодексте жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган негиздерден жана тартиптен тышкары салыктык укук бузуу жасагандыгы үчүн эч ким жоопкерчиликке тартылышы мүмкүн эмес. |
| Эч ким бир жана ошол эле салыктык укук бузуу жасагандыгы үчүн кайрадан жоопкерчиликке тартылбайт. |
| Салыктык укук мамилелеринин катышуучусун салыктык укук бузуу жасагандыгы үчүн жоопкерчиликке тартуу салык төлөөчүнү жана анын кызмат адамдарын тийиштүү негиздер болгондо, Салык Кодексте, Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жана кылмыш-жаза жөнүндө мыйзамдарында каралган жоопкерчиликтен бошотпойт. |
| Салыктык укук бузуу жасагандыгы үчүн жоопкерчиликке тартуу салык төлөөчүнү салык милдеттенмесин аткаруудан, ошондой эле Салык Кодекске |

| |
|---|
| ылайык туумдун жана салык санкцияларынын тиешелүү болгон суммасын төлөөдөн бошотпойт. |
| Салыктык укук мамилелеринин катышуучусу төмөнкү учурларда салыктык укук бузууну жасагандыгына күнөөсүз деп таанылат:<br><br>1) эгерде анын күнөөсү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте аныкталбаса;<br><br>2) эгер ал салык милдеттенмесин ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жазуу жүзүндөгү түшүндүрмөсүнө ылайык эсептесе;<br><br>3) эгерде анын салык төлөөчүнүн же салык агентинин милдеттерин аткаруу боюнча аракеттеринин мыйзамдуулугу салыктык текшерүү актысы жана салык органынын тиешелүү чечими менен ырасталса. |
| Жоопкерчиликке тартылуучу салык төлөөчү салыктык укук бузууну жасоодо өзүнүн күнөөлүү эместигин далилдөөгө милдеттүү эмес. |
| Салыктык укук бузуу фактысы жана анын жасалышына салык төлөөчүнүн күнөөсү жөнүндө күбөлөндүргөн жагдайды далилдөө милдети салык кызматынын органдарына жүктөлөт. |

Салыктык жана/же башка жоопкерчиликтин катышы Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 158-беренесинин 3-бөлүгүндө жөнгө салынат: салыктык укук мамилелеринин катышуучусун салыктык укук бузууларды жасагандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын Салык кодексинде, укук бузуулар жөнүндө мыйзамдарда жана кылмыш-жаза мыйзамдарында жоопкерчиликке тартуу салык төлөөчүнү жана анын кызмат адамдарын каралган жоопкерчиликтен бошотпойт. эгерде тиешелүү негиздер болсо.

| **Кыргыз Республикасынын Салык Кодекси** | **Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодекси** |
|---|---|
| **162-берене. Салык органында салыктык жана/же эсепке алуу каттоосунан качуу**<br><br>Салык төлөөчү салык органында салыктык жана/же эсепке алуу каттоосу жок иш жүргүзгөн учурда, мындай иштин бүткүл мезгили үчүн эсептелген жана/же эсептелүүгө тийиш болгон салыктардын суммасынын бир жолку өлчөмүндө, бирок 50 эсептик көрсөткүчтөн кем эмес өлчөмдө салык санкциясы | **309-берене. Салык кызматы органдарында катталбастан экономикалык ишти жүргүзүү**<br><br>Салык кызматы органдарында катталбастан экономикалык ишти жүргүзүү –<br><br>жеке жактарга 10 эсептик көрсөткүч, юридикалык жактарга 50 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга алып келет. |

| | |
|---|---|
| колдонулат. | |
| Мамлекеттик салык кызматынын ыйгарым укуктуу органы Укук бузуулар жөнүндө кодекстин 308, **309**, 311–316, 318–324 жана 354-беренелеринде каралган укук бузуулар жөнүндө иштерди карайт жана жаза чараларды көрөт. | |

Бул жоболордон негизинде, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 162-беренесинде да, Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин 309-беренесинде да салыктык каттоонун белгилүү мөөнөттөрү каралган. Бул бузуулар өз мааниси боюнча салык төлөөчүнүн кандайдыр бир аракетсиздиги болуп саналат, анын натыйжасында салык органдарында каттоо мөөнөтүн бузган.

Алсак, Кыргыз Республикасынын Салык кодексине ылайык, Кыргыз Республикасында салык салуу объектисине ээ болгон чет өлкөлүк уюм же резидент эмес жеке жак салыктык каттоого алуу жөнүндө арызды салык салуу объектисине менчик укугу катталган күндөн тартып 5 жумушчу күндүн ичинде берүүгө милдеттүү.

Бузууларды салыктык же административдик жоопкерчиликке тартуу маселеси көптөгөн факторлорго, анын ичинде ишти баштоо мезгилине, иштин түрүнө же уюштуруу-укуктук формасына жараша болот. Тигил же бул учурда белгиленген айыптарды салуу мамлекеттик салык кызматынын компетенциясына кирет.

**Салыктык укук бузуулардын түрлөрү жана аларды жасагандыгы үчүн жоопкерчилик**

***№8 Мисал:***

Эгерде көчмө текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча салык органы салыктык отчетто көрсөтүлгөн салыктын суммасы салыктык отчетто көрсөтүлүүгө тийиш болгон салыктын суммасына салыштырмалуу төмөн бааланганын аныктаса, салык органы санкция колдоно алат.

Мисалы, салыктын суммасы тиешелүү салыктык мезгилдин салыктык отчетунда көрсөтүлүүгө тийиш болгон салыктын суммасынын 10дон 50 пайызына чейинки өлчөмүндө кем көрсөтсө, салык төлөөчүгө салыкты азайтып көрсөтүүнүн суммасынын 50 пайыз өлчөмүндө салык санкциясы колдонулат.

***№9 Мисал:***

Эгерде көчмө текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча салык органы салык төлөөчү белгилүү бир салык мезгили үчүн салык отчетун бербегендигин аныктаса, бул салыктык отчеттордо чагылдырылууга тийиш болгон салык милдеттенмесинин бүткүл суммасы бюджетке өндүрүлөт жана ушундай салык төлөөчүгө 100 пайыз өлчөмүндө салык санкциясы колдонулат.

Чечим Салык Кодексте көрсөтүлгөн талаптар сакталбаган учурда, ал тургай салык төлөөчүгө чечим жана анын мазмуну жөнүндө белгилүү болсо да жарактуу же күчүндө деп эсептелбейт. Салык төлөөчүгө чечимди талаптагыдай тапшыруу фактысынын далили салык кызматынын органынын милдети болуп саналат (Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 97 беренеси).

Салык санкциясы салыктык укук бузууларды жасагандыгы үчүн жоопкерчилик чарасы болуп саналат. Бир субъект эки же андан ашык салыктык укук бузууларды жасаганда, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинде каралган салыктык санкциялар анча оор эмес жазаны кыйла катаал жаза менен колдонбостон, ар бир укук бузуу үчүн өзүнчө алынат.

**Салыктык укук мамилелеринде ишкер субъекттерин коргоо**

Салыктык укук мамилелеринин субъекттерин коргоо элементтеринин бири салык органынын чечимин салык төлөөчүгө талаптагыдай жеткирүү болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Салык кодексине ылайык чечим же документ тапшырылды деп эсептелет: эгерде электрондук документ түрүндө жөнөтүлсө - электрондук документ жөнөтүлгөн күндөн тартып 5 календардык күндөн кийин.

Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинен «өз колу» түшүнүгүн алып салуу жана адамдын электрондук же башка техникалык каражаттарды колдонуу менен бүтүм түзүүсү эми бүтүмдүн жазуу түрүндөгү формасына ылайык келүү катары каралат.

«Электрондук документтер салык төлөөчү же салык кызматынын органынын жетекчиси өзү кол койгон кагаздагы документтерге теңдеш деп таанылат» (Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 48-беренесинин 3-бөлүгү).

Салык органдарынын чечимине даттануунун мөөнөтү жана тартиби чечимдин өз убагында алынышынан көз каранды. Салык кызматынын органдарынын чечимине салык төлөөчүнүн даттануусу салык төлөөчүгө мындай чечим тапшырылган күндөн кийинки күндөн тартып 30 календардык күндүн ичинде ыйгарым укуктуу салык органына берилет (эгерде салык төлөөчү белгиленген мөөнөт бүткөндөн кийин салык кызматынын органдарынын чечимине даттануу берсе, анда бул даттануу каралууга тийиш эмес).

## САЛЫК КЫЗМАТЫНЫН ОРГАНДАРЫНЫН АРАКЕТТЕРИНЕ ДАТТАНУУ




Ыйгарым укуктуу салык органынын чечимин бейтарап сотто даттанууда, даттанууну кароочу үч арбитр бейтарап соттун төрагасы тарабынан дайындалат.

**Эскертүү:** бейтарап сотто салык талаштары 2023-жылдын 1-январынан баштап гана каралат.

## 5.6. Кылмыш-жаза жоопкерчилиги

Ишкерчилик ишмердүүлүктүн мыйзамдарынын эффективдүүлүгүн жогорулатуунун өзгөчө жолу **кылмыш жоопкерчилиги** болуп саналат. Салттуу түрдө кылмыш-жаза жоопкерчилиги ар дайым мамлекеттик мажбурлоо менен байланышкан жана эң катаал (кылмышкерге карата) таасир этүүчү чара катары кабыл алынат (бирок кээде граждандык жоопкерчилик укук бузуучунун мүлктүк абалына тийгизген таасири жагынан олуттуураак болушу мүмкүн).

Кылмыш-жаза жоопкерчилиги - Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин ченемдерине ылайык, ишкерчилик ишмердүүлүктүн жүрүшүндө укукка каршы аракеттерди жасоодон келип чыгуучу, кылмыштын бардык белгилерин камтыган ишкерлердин жоопкерчилигинин түрлөрүнүн бири. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин, биринчи кезекте, VII бөлүмүндө «Менчикке жана экономикалык ишти жүргүзүү тартибине каршы кылмыштар» кирет. Атайылап же этиятсыздыктан жасаган укукка каршы жосун жасаган адам кылмыш үчүн күнөөлүү деп таанылат. Ишкерчилик ишмердүүлүктүн жүрүшүндөгү мыйзамсыз аракеттер үчүн кылмыш жазасынын түрлөрү: айып салуу, белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу; коомдук иштер; түзөтүү жумуштары; мүлкүн конфискациялоо; эркиндигин чектөө.

Айып сот тарабынан 200дөн 25 миңге чейинки эсептик көрсөткүчтө белгиленет. Айыптын өлчөмү экономикалык иш чөйрөсүндө жасалган кылмыштын оордугуна жана түрүнө жараша сот тарабынан белгиленет.

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 71-беренеси материалдык зыяндын ордун толтуруу жана моралдык зыяндын ордун толтуруу мүмкүнчүлүгүн карайт, алар адам кылмыш-жаза жоопкерчилигинен же жазадан бошотулганына карабастан сот тарабынан колдонулат. Моралдык зыяндын ордун толтуруунун өлчөмү мыйзам тарабынан биринчи жолу - келтирилген зыяндын оордугуна жараша эсептик көрсөткүчтүн 50дөн 1000ге чейинки өлчөмүндө белгиленген. Мында Граждандык кодексте белгиленген доонун эскирүү мөөнөтү колдонулбайт.

Тактап айтканда, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинде «Экономикалык ишти жүргүзүү тартибине каршы кылмыштар» атайын 29-главасы бар, анын ичинде:

- 218-берене. Мыйзамсыз ишкердик же банктык иш;

- 219-берене. Кумар оюндарын өткөрүү үчүн көмүскө жайды уюштуруу же күтүү, кумар оюндарын өткөрүү;
- 220-берене. Жалган ишкердик;
- 221-берене. Финансы пирамидаларын уюштуруу;
- 222-берене. Кылмыштуу жол менен алынган кирешелерди мыйзамдаштыруу (адалдоо);
- 223-берене. Монополисттик аракеттер жана атаандаштыкты чектөө;
- 224-берене. Бүтүмдү жасоого же аны жасоодон баш тартууга мажбурлоо;
- 225-берене. Индивидуалдаштыруу каражаттарын (жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү) мыйзамсыз пайдалануу;
- 226-берене. Рейдерлик;
- 227-берене. Коммерциялык же банктык сырды түзгөн маалыматты мыйзамсыз алуу;
- 228-берене. Коммерциялык, банктык сырды, салык төлөөчүнүн сырын ачыкка чыгаруу;
- 229-берене. Спортсмендерди паралап сатып алуу;
- 230-берене. Баалуу кагаздар рыногундагы инсайдердик бүтүмдөр;
- 231-берене. Экономикалык контрабанда.

Мындан тышкары Кылмыш-жаза кодексинде төмөнкүлөр көрсөтүлгөн:

30-глава «Акча-насыя жана валюта чөйрөсүндөгү кылмыштар»:
- 232-берене. Насыяны мыйзамсыз берүү;
- 233-берене. Жасалма акчаны же баалуу кагаздарды жасоо;
- 234-берене. Төлөм документтерин жасоо;
- 235-берене. Баалуу кагаздарды чыгаруудагы (эмиссиялоодогу) кыянаттыктар;
- 236-берене. Баалуу металлдарды, табигый асыл таштарды мыйзамсыз жүгүртүү;
- 237-берене. Баалуу металлдарды жана асыл таштарды мамлекетке тапшыруу эрежелерин бузуу.

31-глава «Салык салуу чөйрөсүндөгү кылмыштар»:
- 238-берене. Жасалма акциздик маркаларды жасоо;
- 239-берене. Милдеттүү түрдө акциз салынуучу лродукцияны акциздик маркасыз өндүрүү;

- 240-берене. Спиртти жана спирт кошулган ичимдиктерди мыйзамсыз өндүрүү;
- 241-берене. Бажы төлөмдөрүн төлөөдөн качуу;
- 242-берене. Бюджетке салыкты жана (же) башка милдеттүү төлөмдөрдү төлөөдөн качуу;
- 243-берене. Уюмдардан бюджетке салыкты жана (же) башка милдеттүү төлөмдөрдү төлөөдөн качуу;

244-берене. Мобилдик түзүлүштүн эл аралык идентификаторун санкция албастан өзгөртүү.

32-глава « Коммерциялык жана башка уюмдардагы кызматтын кызыкчылыктарына каршы кылмыштар»:

- 245-берене. Коммерциялык же башка уюмдардын кызматчыларынын ыйгарым укуктарын кыянаттык менен пайдалануусу;
- 246-берене. Акционердик коомдор жөнүндө мыйзамдарда белгиленген чектөөлөрдү бузуу;
- 247-берене. Ачык тооруктарды, аукциондорду же тендерлерди өткөрүүнүн тартибин бузуу;
- 248-берене. Жеке нотариустар, аудиторлор, эксперттер же баалоочулар ыйгарым укуктарын кыянаттык менен колдонуусу;
- 249-берене. Жеке күзөт жана детектив кызматтарынын кызматчылары ыйгарым укуктарынан аша чабуусу;
- 250-берене. Коммерциялык паралап сатып алуу;
- 251-берене. Кызматчынын сый акыны мыйзамсыз алуусу.

Ишкерчилик ишмердүүлүктү жүзөгө ашырууга байланышкан кылмыштардын дагы бир тобу - мамлекеттик жана муниципалдык кызматтын кызыкчылыктарына каршы коррупциялык же башка кылмыштар (Кылмыш-жаза кодексинин 42-главасы). Бул кылмыштар субъекттик негизде да төмөнкүчө бөлүнөт:

1) кызмат адамдары, мамлекеттик функцияларды аткарууга ыйгарым укуктуу адамдар же аларга теңештирилген адамдар тарабынан жасалган кылмыштар (мисалы, 337-берене. Кызмат абалын кыянаттык менен пайдалануу, 338-берене. Бийликтен аша чабуу, 339-берене. Билип туруп пайдасыз контракт түзүү, 341-берене. Кызмат адамынын ишкердик ишке катышуусу, 342-берене. Пара алуу, 343-берене. Опузалап пара алуу, 346-берене. Кызматтык жасалмачылык, 348-берене. Шалаакылык);

2) ишкер субъекттер тарабынан да, кызматтык абалынан пайдалануу менен адамдар тарабынан да жасалышы мүмкүн болгон кылмыштар (344-берене. Пара алууда ортомчулук кылуу);
3) субъекттери ишкер болушу мүмкүн болгон кылмыштар (345-берене. Пара берүү).

Азыркы убакта айрым учурда жеке ишкердик чөйрөсүндө кылмыш жасагандыгы үчүн кылмыш-жаза жоопкерчилигинин чараларын граждандык жоопкерчилик чаралары менен алмаштыруу сунуштары киргизилүүдө. Бирок, ишкердик чөйрөсүндө жоопкерчиликтин бир түрүн колдонуу экинчисин колдонууну жокко чыгарбай тургандыгын, ал эми мүлктүк зыян келтирилген учурда кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартуучу жосун жасоо менен бирге эки түрү тең болоорун эске алуу керек. Жеке ишкердик чөйрөсүндө кылмыш-жаза жоопкерчилигин колдонуудан толук баш тартуу анын натыйжалуулугун жогорулатууга жана мыйзамсыз ишкердикти түп-тамырынан бери жок кылууга мүмкүн эмес, ал эми граждандык мыйзамдар менен кылмыш-жаза мыйзамдары параллелдүү колдонулат, бул негиздүү көрүнөт. Экинчи жагынан, базар мамилелердин шартында эркинен ажыратуу эмес, айып салуу, конфискациялоо, же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу, коомдук жумуштарга тартуу сыяктуу кылмыш жазаларын колдонууга көбүрөөк басым жасоо керек. Мындай жагдай, укук бузуучуну эркиндигинен ажыратуу менен байланышкан чараларга караганда кыйла эффективдүү болууга жөндөмдүү мүлктүк мүнөздөгү чаралар саналат.

# 6. ЭКОНОМИКАЛЫК ИШ ЧӨЙРӨЛӨГҮНДӨ ЖАСАЛГАН КЫЛМЫШТАР ИШТЕРИ БОЮНЧА КЫЛМЫШ ИШИНИН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

## 6.1. Ишкер субъекттеринин коргоо боюнча чаралар

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 29-январындагы №3 «Менчикти коргоо жана ишкерлер менен инвесторлорду колдоо жөнүндө» Жарлыгы менен менчикти коргоонун конституциялык кепилдиктерин камсыз кылуу, экономиканын туруктуу өсүшүнө дем берүү максатында бир катар милдеттер, ишкер субъекттеринин экономикалык ишмердүүлүгүнө мамлекеттин негизсиз кийлигишүүсүн болтурбоо, ошондой эле инвесторлордун ишенимин жогорулатуу, жагымдуу инвестициялык климатты жана бизнес-чөйрөнү түзүү белгиленген. Алардын арасында:

- укук коргоо, фискалдык жана контролдоо органдарынын ишкер субъекттеринин ишине негизсиз кийлигишүүсүн, ишкерчилик ишмердүүлүгүнө тоскоолдук кылууну жана менчик ээлеринин мыйзамдуу укуктарын бузууну, анын ичинде келишимдик милдеттенмелерди аткарбоо жана аткарууга жөндөмсүздүктөн улам токтотуу;
- инвестициялык объекттердин ишинин жана инвесторлордун мүлкүнүн коопсуздугун камсыз кылуу;
- ишке ашыруу:
  - тергөөгө караштуулугун башка укук коргоо органдарына өткөрүп берүү укугусуз «экономикалык кылмыштар боюнча бир тергөө органы» принциби;
  - жазуу жүзүндө түзүлгөн жана сот тарабынан анык эмес, жалган же жасалма деп табылбаган жарандык-укуктук бүтүмдөрдү аткарбоого жана талаптагыдай эмес аткарууга негизделген укук бузуулар жөнүндө ишкерлерге карата арыздарды жана билдирүүлөрдү Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестрине каттабай туруп, алдын ала текшерүү механизми.

Бул багыт Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 4-мартындагы №61 «Ишкердик субъекттерин коргоо боюнча кошумча чаралар жөнүндө» Жарлыгы менен улантылып, ага ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы менен өз ара аракеттенип, төмөнкүлөрдү болтурбоо жолу менен ишкерлердин жана инвесторлордун укуктарын укук коргоо

органдарынын мыйзамсыз жана негизсиз аракеттеринен коргоону караган тиешелүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду (түзөтүүлөрдү) жазык жана жазык-процесстик мыйзамдарга киргизүү жөнүндө маселени алып салуу жолу боюнча кароо сунушталды:

- ишкердик субъекттердин уюштуруучуларын (катышуучуларын), жетекчилерин жана кызматкерлерин Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 319-беренеси боюнча (коррупция) жазык жоопкерчилигине тартууну;
- чарбакер субъекттердин ортосунда пайда болуучу экономикалык талаштар боюнча жазыктык сотко чейинки өндүрүштү жана жазык жоопкерчилигине тартууну;
- экономикалык кылмыштарды жасагандыгы жөнүндө кайрылуулар жана арыздар боюнча ишкердик субъекттердин кызмат адамдарын мамлекетке келтирилген зыяндын суммасын тиешелүү актылар жана эксперттик корутундулар менен ырастоосуз жазык жоопкерчилигине тартууну жана жазыктык сотко чейинки өндүрүштү (Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 230-232-беренелери);
- ишкердик субъекттерин (уюштуруучуларды (катышуучуларды), жетекчилерди жана башка кызмат адамдарын) кылмыштардын экономикалык түрлөрүн жасагандыгы үчүн жазык жоопкерчилигине тартууну.

2021-жылдын 28-октябрында жаңы Кылмыш-жаза, Кылмыш-жаза процессуалдык кодекстер жана Укук бузуулар жөнүндө кодекси кабыл алынып, Президенттин бул тапшырмалары төмөнкү багытта ишке ашырылды:

- камакта кармоо;
- кылмыш ишин козгоодон баш тартуу;
- ыктыярдуу компенсация/карызды төлөө.

## 6.2. Камакка алуу

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 114-беренесинин жалпы эрежесине ылайык, бөгөт коюу чарасы катары камакка алуу, эгерде кылмыш-жаза мыйзамында каралган 5 жылдан ашык мөөнөткө эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жаза колдонулуучу кылмыштарды жасады деп айыпталган адамдарга карата башка, жеңилирээк, бөгөт коюу чарасын колдонуу мүмкүн болбосо, соттун чечими боюнча колдонулат.

Өзгөчө учурларда бул бөгөт коюу чарасы беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазалануучу кылмыш жасады деп айыпталган адамдарга төмөнкү жагдайлардын бири болгон учурда колдонулушу мүмкүн:

- айыпталуучунун Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу же убактылуу жашаган жери болбогондо;
- анын инсандыгы аныкталбаганда;

- ал тарабынан мурда колдонулган бөгөт коюу чарасы бузулганда;
- ал тергөө өндүрүшүн жүзөгө ашыруучу органдан, соттон жашырынса.

Ал эми менчикке каршы айрым кылмыштар, экономикалык ишти жүзөгө ашыруу тартибине каршы кылмыштар, салык салуу чөйрөсүндөгү кылмыштар, коммерциялык жана башка уюмдардагы кызматтын кызыкчылыктарына каршы кылмыштар үчүн экономикалык иш жүргүзгөн ишкердик субъекттерге карата камакка алуу колдонулбайт (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 114-беренесинин 4-пункту).

Төмөндө Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин камакта кармоо колдонулбаган беренелеринин толук тизмеси келтирилген:

- 210-берене. Ишенип берилген мүлктү ыйгарып алуу же коротуу;
- 215-берене. Алдоо же ишенимге кыянаттык кылуу жолу менен мүлктүк залал келтирүү;
- 218-берене. Мыйзамсыз ишкердик же банктык иш;
- 220-берене. Жалган ишкердик;
- 223-берене. Монополисттик аракеттер жана атаандаштыкты чектөө;
- 225-берене. Индивидуалдаштыруу каражаттарын (жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү) мыйзамсыз пайдалануу;
- 230-берене. Баалуу кагаздар рыногундагы инсайдердик бүтүмдөр;
- 238-берене. Жасалма акциздик маркаларды жасоо;
- 239-берене. Милдеттүү түрдө акциз салынуучу лродукцияны акциздик маркасыз өндүрүү;
- 240-берене. Спиртти жана спирт кошулган ичимдиктерди мыйзамсыз өндүрүү;
- 241-берене. Бажы төлөмдөрүн төлөөдөн качуу;
- 242-берене. Бюджетке салыкты жана (же) башка милдеттүү төлөмдөрдү төлөөдөн;
- 243-берене. Уюмдардан бюджетке салыкты жана (же) башка милдеттүү төлөмдөрдү төлөөдөн качуу;
- 244-берене. Мобилдик түзүлүштүн эл аралык идентификаторун санкция албастан өзгөртүү;

- 245-берене. Коммерциялык же башка уюмдардын кызматчыларынын ыйгарым укуктарын кыянаттык менен пайдалануусу;
- 247-берене. Ачык тооруктарды, аукциондорду же тендерлерди өткөрүүнүн тартибин бузуу.

Камакта кармоонун жалпы режиминен бул бошотууну колдонууда биринчиден, ал экономикалык ишмердүүлүк менен алектенген чарбалык субъекттерге гана тиешелүү экендигин белгилей кетүү керек. Эске салсак, Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 5-беренесинде бул терминдин өзүнүн аныктамасы бар, ага ылайык, Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 114-берененин мындай өзгөчө шарттарынан пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу үчүн ишкерди каттоо фактысына өзүнчө маани берилет.

**экономикалык ишти жүзөгө ашыруучу ишкердик субьект** – мыйзамда белгиленген тартипте катталган жана өзүнүн уюштуруучулук-укуктук формасына жана менчигинин формасына карабастан, өз тобокелчилиги жана өзүнүн мүлктүк жоопкерчилиги астында пайда табуу максатында мыйзамдарда тыюу салынбаган ишти жүзөгө ашыруучу жеке жана юридикалык жактар

Экинчиден, Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 114-берененин 4-пунктунун нормалары, тергөө органынан жана соттон жашырынып жүргөн адамдарга карата колдонулбайт.

## 6.3. Кылмыш ишин козгоодон баш тартуу

Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 27-беренесинин 1-бөлүгүндө каралган кылмыш-жаза сот өндүрүшүн жокко чыгаруучу жалпы жагдайлардан тышкары, ушул кодекстин 154-беренесине ылайык кылмыш иши козголушу мүмкүн эмес:

- финансылык жана экономикалык укук бузуулар жөнүндө маалыматтар жок болгондо, анда эксперттин корутундусу, текшерүүлөрдүн, ревизиялардын, аудиттин актылары жана башка документтер менен тастыкталган жашырылган салык же бажы төлөмдөрүнүн, келтирилген

залалдын, олуттуу зыяндын же болбосо мыйзамсыз кирешенин суммасы жөнүндө маалымат жок болгондо;
- жазуу жүзүндө түзүлгөн же сотто каралып жаткан жарандык-укуктук бүтүмдөрдү аткарбаганда же талаптагыдай аткарбаганда.

Мындай жагдайлар болгондо кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндө токтом тергөөгө чейинки текшерүүнү жүргүзбөстөн 24 сааттын ичинде чыгарылат.

Кылмыш ишин козгоо үчүн негиздер жок болгондо тергөөчү, прокурор кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндө токтом чыгарат. Бул учурда токтомдун күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү арыз ээсине даттануунун тартибин түшүндүрүү менен жиберилет.

Кабыл алынган чечим тиешелүү билдирүүнү алган учурдан тартып арыз ээси тарабынан 10 күндүк мөөнөттө прокурорго же сотко даттанылышы мүмкүн.

Кылмыш ишин козгоодон баш тартуу мыйзамсыз же негизсиз деп таанылган учурда прокурор кылмыш ишин козгоодон баш тартуу токтомун жокко чыгаруу жана кылмыш ишин козгоо жөнүндө токтом чыгарат же болбосо материалдарды кошумча тергөөгө чейинки текшерүү жүргүзүү үчүн жиберет.

## 6.4. Ээсине келтирилген зыяндын ордун ыктыярдуу төлөп берүү

Кылмыш-жаза кодексинин 73-беренесинде келтирилген зыяндын ордун ыктыярдуу түрдө толтуруу же залалды жоюу жазаны жеңилдетүүчү жагдай болуп саналат.

Бирок төмөндө көрсөтүлгөн учурларда менчик ээсине же башка ээлик кылуучуга келтирилген зыяндын ордун ыктыярдуу түрдө толтурган адам төмөнкү жосундары үчүн жазык жоопкерчилигинен жана жазадан бошотулууга тийиш:

- 210-берене. Ишенип берилген мүлктү ыйгарып алуу же коротуу;
- 215-берене. Алдоо же ишенимге кыянаттык кылуу жолу менен мүлктүк залал келтирүү;
- 218-берене. Мыйзамсыз ишкердик же банктык иш;
- 220-берене. Жалган ишкердик;
- 223-берене. Монополисттик аракеттер жана атаандаштыкты чектөө;
- 225-берене. Индивидуалдаштыруу каражаттарын (жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү) мыйзамсыз пайдалануу;

- 227-берене. Коммерциялык же банктык сырды түзгөн маалыматты мыйзамсыз алуу;
- 228-берене. Коммерциялык, банктык сырды, салык төлөөчүнүн сырын ачыкка чыгаруу;
- 232-берене. Насыяны мыйзамсыз берүү.

Ушундай эле кесепеттер кылмыштарды жасоодо карызды ыктыярдуу төлөгөн учурда да келип чыгат:

- 231-берене. Экономикалык контрабанда;
- 241-берене. Бажы төлөмдөрүн төлөөдөн качуу;
- 242-берене. Бюджетке салыкты жана (же) башка милдеттүү төлөмдөрдү төлөөдөн качуу;
- 243-берене. Уюмдардан бюджетке салыкты жана (же) башка милдеттүү төлөмдөрдү төлөөдөн качуу.

# 7. ГРАЖДАНДЫК УКУКТУК ДЕЛИКТТЕРДИН ЖАНА КЫЛМЫШТАРДЫН АЙЫРМАЛАРЫНЫН ӨЗҮНЧӨ МИСАЛДАРЫ

Белгилүү болгондой, ар бир кылмыш грждандык-укуктук мамилелер чөйрөсүндө жүзөгө ашырылуучу аракеттердин башка түрлөрү менен бир катар жалпы белгилери бар. Кылмышты туура квалификациялоо үчүн граждандык-укуктук мааниде белгилүү бир жосун, ага байланыштуу кылмыш жана жоопкерчиликтин ортосундагы бөлүүчү сызыктар жөнүндө абдан так түшүнүккө ээ болуу зарыл. Белгилүү бир жосунга мүнөздүү болгон белгилерди белгилөө, ага мүнөздүү болбогон белгилерди жокко чыгаруу, укуктук норманы жана жосундун иш жүзүндөгү жагдайларын акырындык менен талдоону тереңдетүү аркылуу конкреттүү кылмышты мүнөздөгөн белгилердин жыйындысына келүүгө болот жана аны граждандык мыйзамдар менен жөнгө салынган башка кылмыш жосундарынан жана аракеттеринен айырмалайт.

Ошентип, мисалы, Граждандык кодекстин 58-беренесине ылайык, жаран мыйзам актыларында тыюу салынбаган ар кандай иш жүргүзүүгө, өз алдынча же башка жарандар жана юридикалык жактар менен юридикалык жактарды түзүүгө, мыйзам актыларында тыюу салынбаган ар кандай бүтүмдөрдү түзүүгө жана милдеттенмелерге катышууга укуктуу.

Мыйзам тарабынан берилген бул укуктар жаранга дагы милдеттерди жүктөйт, мисалы, юридикалык жакты белгиленген тартипте каттоо, ишмердүүлүктүн белгилүү бир түрү менен алектенүүгө лицензия алуу, мисалы, банк иши ж.б.

Бул мыйзам талаптарын аткарбаган учурда жаран келип чыккан кесепеттерге жараша жоопкерчиликтин белгилүү бир түрүнө тартылышы мүмкүн: дисциплинардык, граждандык жана акырында кылмыш.

Маселен, ишкердик же банк ишин же болбосо банктык операцияларды каттоосуз, же атайын лицензиясы жана (же) уруксаты жок, мындай лицензия жана (же) уруксат милдеттүү болгон учурларда же лицензиялоонун шарттарын бузуу менен жүзөгө ашыруу, эгерде бул жосун ири өлчөмдөгү кирешени алуу менен коштолсо (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 218-беренеси). Көрсөтүлгөн кесепеттер болбогондо, конкреттүү жагдайлардын негизинде мыйзамсыз иш-аракетти жүзөгө ашырган адамдын граждандык жоопкерчилиги (мисалы, мындай мыйзамсыз иштин натыйжасында адамга келтирилген зыяндын ордун толтуруу) же административдик жоопкерчилик келип чыгышы мүмкүн.

Ошентип, жогоруда айтылгандар мыйзамсыз ишкердиктин же банктык иштин (ири өлчөмдөгү киреше алуу) кесепеттери кылмыш-жаза

жоопкерчилигин граждандык жоопкерчиликтен ажырата тургандыгын көрсөтүп турат.

Бирок кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылуучу жосунду граждандык мыйзамдар менен жөнгө салынган аракеттерден айырмалоонун эң туура ыкмасы болуп кылмыш курамынын айрым элементтери: объекти, объективдүү жагы, субъективдүү жагы жана субъекти боюнча кылмышты андай эмес аракеттерден айырмалоо маселелерин деталдуу көрсөтүү эсептелет. Мындай айырмалоонун татаалдыгы, башка нерселер менен катар, граждандык укуктун ченемдери өз түзүмүндө граждандык карым-катнаштагы белгиленген эрежелерин бузгандыгы үчүн санкцияларды гана камтыбастан, жазык мыйзамдарынын ченемдеринен айырмаланып, ал тургай «укук бузуу» аныктамасын да камтыбайт. Ал эми, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине ылайык, кылмыш түшүнүгү Кылмыш-жаза кодексинин 18-беренесине ылайык, коомго коркунуч келтирген, күнөөлүү жана жазалануучу жосун (аракет же аракетсиздик) сыяктуу юридикалык белгилерди аныктайт. Кодекстин Өзгөчө бөлүгүнүн ар бир ченеми жасалган мыйзам бузуу үчүн жоопкерчиликти белгилейт, ал эми аны дифференциациялоо мыйзам чыгаруучунун укук бузуунун ар бир элементине өзүнчө жеке мамилесин көрсөтөт.

Өз кезегинде граждандык мыйзамдар укук бузуу түшүнүгүн аныктоого окшош мамилени камтыбайт. Ошол эле учурда граждандык мыйзамдарда укук бузуу түшүнүгүнүн жоктугу укукка каршы жосундун маңызы кошумча тармактык критерийлер боюнча гана айырмалангандыгынын далили болуп саналат жана бул идеянын түздөн-түз көз карандылыгы бар деген пикир менен бекемделет. Жоопкерчилик, социалдык өнүгүү жана жарандардын материалдык жыргалчылыгына, ал тургай ички саясий кырдаалдын өзгөрүшүнө коомчулуктун көңүлүн дайыма өзгөрүп турган өзгөчө укуктук көрүнүш. Буга мисал катары мыйзам чыгаруучу коомдук коркунучтуулардын катарынан чыгарып салган жана ошондой эле административдик укук бузуу катары квалификацияланбаган мазактоо сыяктуу укук бузуунун жагдайы болуп саналат. Эгерде административдик укук бузуулар менен кылмыштардын ортосундагы айырма негизинен пайда болгон кесепеттерге (же алардын келип чыгуу мүмкүнчүлүгүнө) байланыштуу коомдук коркунучтуу жосундарга тиешелүүлүгүндө болсо, анда граждандык укук бузуунун объективдүү тарабын аныктоо маселеси кылмыш курамына салыштырмалуу кыйла татаал.

Ошол эле учурда граждандык укуктун ченемдери бүткүл цивилизациялуу дүйнөдө менчик укуктарын коргоодо негизги курал болуп санала тургандыгын эске алуу зарыл. Мындай ыкмаларга виндикация жана негатордук доолор, ошондой эле менчик укуктарын коргоо боюнча доо кирет. Айырмалоонун дагы бир критерийи болуп алдамчылыктын курамынын өзгөчөлүгү саналат.

## 7.1. Зомбулуктун же коркутуунун таасири астында түзүлгөн бүтүмдүн жараксыздыгы жана бүтүмдү жасоого же аны жасоодон баш тартууга мажбурлоо (Кылмыш-жаза кодекси, 224-б.)

| Кылмыш-жаза кодекси, 224-берене | Кыргыз Республикасынын Граждандык кодекси, 197-берене |
|---|---|
| **Бүтүмдү жасоого же аны жасоодон баш тартууга мажбурлоо**<br><br>1. Шантажды колдонуу менен же өмүргө жана ден соолукка коркунуч келтирбеген зомбулукту колдоном деп коркутуу менен бүтүмдү жасоого же аны жасоодон баш тартууга мажбурлоо, опузалап талап кылуу белгилери жок болсо, -<br><br>500дөн 1000 эсептик көрсөткүчтөргө чейин айып салууга же эки жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.<br><br>2. Төмөнкүдөй жасалган ошол эле жосун:<br><br>1) өмүргө жана ден соолукка коркунуч келтирбеген зомбулукту колдонуу менен;<br><br>2) алдын ала бүтүм боюнча адамдардын тобу тарабынан, -<br><br>1000ден 2000 эсептик көрсөткүчтөргө чейин айып салууга же эки жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.<br><br>3. Ушул берененин 1 же 2-бөлүгүндө | **Алдоонун, зомбулуктун, коркутуунун таасири астында, бир тараптын өкүлүнүн экинчи тараптын өкүлү менен кара ниеттик макулдашуусунун же оор жагдайлардан улам түзүлгөн бүтүмдүн жараксыздыгы**<br><br>1. Алдоонун, зомбулуктун, коркутуунун таасири астында, бир тараптын өкүлүнүн экинчи тараптын өкүлү менен кара ниеттик макулдашуусу боюнча түзүлгөн бүтүм, ошондой эле экинчи жак пайдаланган шартка караганда жак өзү үчүн өтө оор шарттын келип чыгышынан улам түзүүгө аргасыз болгон бүтүм (аргасыз бүтүм) жапа чеккендин доосу боюнча сот тарабынан жараксыз деп табылышы мүмкүн.<br><br>2. Эгерде ушул статьянын 1-пунктунда көрсөтүлгөн негиздердин бири боюнча бүтүм жараксыз деп таанылса, анда жапа чеккен жакка экинчи тарап ал бүтүм боюнча алган нерсенин бардыгын кайтарып берет, ал эми алгандарын натуралай кайтарып берүүгө мүмкүнчүлүк болбосо, анын наркын акчалай төлөп |

| | |
|---|---|
| каралган, этиятсыздыктан оор залал келтирген жосундар, -<br><br>беш жылдан сегиз жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат. | берет.<br><br>Бүтүм боюнча жапа чеккен тарап экинчи тараптан алган, ошондой эле экинчи тарап ордун толтуруу үчүн берген ага тиешелүү мүлк Кыргыз Республикасынын кирешесине которулат. Мүлктү мамлекеттин кирешесине натуралай берүүгө мүмкүн болбосо, анын наркы акчалай өндүрүлөт. Андан тышкары экинчи тарап жапа чеккен жакка келтирилген реалдуу зыяндын ордун төлөп берет. |

Кылмыш-жаза кодексинин 224-беренесине ылайык, бүтүм жасоого же аны жасоодон баш тартууга мажбурлоо үчүн мыйзам чыгаруучу жоопкерчиликти караган.

Каралып жаткан кылмыштын коомдук коркунучу чарбалык жана граждандык карым-катнаштагы негизин түзгөн бүтүмдөрдү жөнгө салуучу граждандык-укуктук мамилелерди бузууда.

Граждандык мыйзамдар келишим түзүүгө эркин жарандар жана юридикалык жактар тарабынан келишимдерди түзүү тартибин жөнгө салат (Граждандык кодекстин 382-беренесинин 1-пункту).

Ошентип, изилденип жаткан кылмыштын түздөн-түз объектиси болуп ишкердик чөйрөсүндө таза атаандаштыкты камсыз кылуучу, мыйзамдуу түрдө белгиленген тартипте пайда болгон коомдук мамилелер эсептелет. Кошумча объект катары адамдын ден соолугу, ар-намысы, кадыр-баркы жана башка кызыкчылыктары чыга алат.

Зордук-зомбулук, башка адамдардын мүлкүн жок кылуу же зыян келтирүү коркунучу менен бүтүм түзүүгө же аны жасоодон баш тартууга мажбурлоо, ошондой эле жабырлануучунун же анын жакындарынын укуктарына жана мыйзамдуу кызыкчылыктарына олуттуу зыян келтире турган маалыматтарды таратуу кылмыштын объективдүү жагы болуп саналат, эгер мында опузалап талап кылуунун белгилери жок болсо.

Ушул берененин диспозициясына ылайык, **жабырлануучуга таасир этүүчү коркунучтуу маалыматтын жеткирүүсү, мындай маалымат анын өз каалоосуна каршы келген жана анын эркине каршы, келишим түзүүгө же аны жасоодон баш тартууга мажбурлоо.**

Мажбурлоо түздөн-түз жабырлануучуга да, ал үчүн кымбат болгон башка адамдарга да оозеки да, жазуу жүзүндө да көрсөтүлүшү мүмкүн. Жабырлануучуга коркутууларды жеткирүү ыкмасы жана аны билдирүүнүн формалары квалификацияга таасирин тийгизбейт.

**Мажбурлоонун максаты** - жабырлануучуну опузалап талап кылуудагыдай акчаны же мүлктү басып алуу жана өткөрүп берүү белгилери жок бүтүм жасоого көндүрүү. Мындай бүтүмдү бир тараптуу түзүүдө кылмышкер белгилүү бир тараптуу материалдык же экономикалык пайда алат.

**Зордук-зомбулук коркутуусу бүтүм жасоого** же аны жасоодон баш тартууга мажбурлоо жолу катары реалдуу жана накталай болушу керек, башкача айтканда, жабырлануучуда бул коркунучтун иш жүзүндө ишке ашуусунан коркууга бардык негиздер болушу керек. Көрсөтүлгөн акт бүтүм жасоого же бүтүм жасоодон баш тартууга макулдук сураган адамга карата да, анын жакындарына карата да жүргүзүлөт. Мазмуну боюнча бул коркунуч ар кандай физикалык зомбулук (адам өлтүрүү, ден соолукка ар кандай оордуктагы зыян келтирүү, сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттер, ур-токмокко алуу, кыйноо) менен көрсөтүлүшү мүмкүн. Анын үстүнө бул коркунуч жабырлануучунун өзүнө гана эмес, анын жакындарына да, анын жеке менчигине, жакындарынын мүлкүнө гана эмес, жабырлануучунун карамагында болгон мүлккө да тиешелүү болушу мүмкүн.

Мажбурлоонун дагы бир жолу – бул шантаж кылуу, башкача айтканда, жабырлануучу жөнүндө чындыкты да, жалганды да таратуу менен коркутуу. Эгерде маалыматты таратуу жабырлануучунун же анын жакындарынын укуктарына жана мыйзамдуу таламдарына олуттуу зыян келтириши мүмкүн болсо, анда гана шантаж жолу менен бүтүм жасоого же аны жасоодон баш тартууга мажбурлоо кылмыштын курамына кирет. Бул материалдык, моралдык жана башка зыян болушу мүмкүн. Аны маанилүү деп аныктоо күнөөлүү адам таратам деп коркуткан маалыматтын мүнөзүнө соттун берген баасына жараша болот.

Изилделип жаткан кылмыштын субъективдүү жагы тике кара ниеттик түрүндөгү күнөө менен мүнөздөлөт, башкача айтканда, кылмышкер жабырлануучуну бүтүм түзүүгө же аны жасоодон баш тартууга мажбурлоо менен анын эркине мыйзамсыз таасир тийгизип жатканын түшүнөт жана муну каалайт.

***№10 Мисал***

*Сот ага-ини Бабаевдерди мыйзамсыз баюу максатында Филатованын менчик укугундагы ыңгайлуу батирин башка ыңгайсыз батирге алмаштырууну талап кылгандыгы үчүн күнөөлүү деп тапты. Филатованы алмаштырууга мажбурлоо максатында уулун сабап, өлтүрөм деп коркутуп, Филатованы башка батирге алып барып, андан чыгууга тыюу салышкан. Мындан коркуп, ал батирди барабар эмес алмашууга макул болууга аргасыз болгон.*

Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 197-беренесине ылайык, алдоонун, зомбулуктун, коркутуунун таасири астында, бир тараптын өкүлүнүн экинчи тараптын өкүлү менен кара ниеттик макулдашуусунун же оор жагдайлардан улам түзүлгөн бүтүмдүн жараксыз деп табуу үчүн негиздер каралган.

**Жабырлануучу** мындай доо менен кайрылууга укуктуу. Граждандык сот өндүрүшүндө кылмыш ишинин бар экендигине карабастан, жабырлануучу деп өзүнө карата анын укуктарынын жана мыйзамдуу таламдарынын бузулушуна алып келген көрсөтүлгөн аракеттер жасалган адам таанылат (Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун пленумунун токтому «Бүтүмдөрдү жараксыз деп таануу, ошондой эле ак ниеттүү сатып алуу тууралуу талаштарды кароодо мыйзамдарды колдонуу боюнча соттук тажрыйбанын кээ бир маселелери жөнүндө», 5-пункту).

***Зомбулук*** – бүтүмдүн болочок катышуучуга анын эркине каршы келишим түзүүгө мажбурлоо максатында же анын жакындарына мыйзамсыз түрдө физикалык (сабап, кыйноо ж.б.) же психикалык (тынчтыкта жашоого, ызы-чуу салууга, мазактоо, жалган жалаа жабууга ж.б.) таасир этиши. Бүтүмдү ал зомбулуктун таасири астында жасалгандыгына байланыштуу жараксыз деп таануу үчүн кылмышкерди кылмыш жоопкерчилигине тартуу зарыл эмес. Бирок бул кылмыш үчүн соттолгондугу маанилүү: доогер зордук-зомбулук фактысын далилдөөгө милдеттүү эмес, соттун өкүмүнө шилтеме кылуу жетиштүү. Эгерде кылмышкер кылмыш жоопкерчилигине тартылбаса, мисалы, медициналык документтер, көрсөтмөлөр жана башкалар буга далил катары көрсөтүлүшү мүмкүн.

**Коркутуу** – коркутулган адам же анын жакын адамдары физикалык же моралдык жактан азап тартат деп билдирүү аркылуу бүтүмгө болжолдонгон катышуучунун эркине атайылап укукка каршы психикалык таасир этүү.

Бүтүмдү жараксыз деп табуу үчүн коркунуч ишке ашырыла турган, реалдуу, олуттуу жана мыйзамсыз болгонун аныктоо зарыл. Сот бул маселелерди, анын ичинде жабырлануучунун инсандыгын жана иштин башка жагдайларын эске алуу менен иликтейт.

Жабырлануучунун доосу боюнча сот тарабынан жогоруда көрсөтүлгөн негиздер боюнча бүтүмдү жараксыз деп таануу **бир тараптуу реституцияны колдонууга жана ошол эле учурда күнөөлүү тараптын жабырлануучуга келтирилген реалдуу зыяндын ордун толтуруу** милдетине алып келет. Жабырлануучу экинчи тараптан натуралай алган мүлк же анын акчалай наркы мамлекетке өткөрүлөт.

## 7.2. Соодалашуунун жыйынтыгын жокко чыгаруу жана ачык тооруктарды, аукциондорду же тендерлерди өткөрүүнүн тартибин бузуу (Кылмыш-жаза кодекси, 247-б.)

| Кылмыш-жаза кодекси. 247-берене. Ачык тооруктарды, аукциондорду же тендерлерди өткөрүүнүн тартибин бузуу | Граждандык кодекси. 408-берене. Соодадагы келишимдин түзүлүшү |
|---|---|
| 1. Ачык тооруктарды, аукционду же тендерди өткөрүүнүн тартибин атайылап же этиятсыздыктан бузуу, ошого тете мүлктүн менчик ээсине, тоорукту же аукционду уюштуруучуга, сатып алуучуга же башка чарбакер субъектиге ири өлчөмдөгү зыян келтирген пайдасыз контрактты билип туруп түзүү, -<br>үч жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратууга, же бир жылдан үч жылга чейинки мөөнөткө түзөтүү жумуштарына, же 500дөн 1000 эсептик көрсөткүчкө чейин айып салууга, же эки жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.<br>2. Төмөнкүдөй жасалган ошол эле жосундар: | 1. Эгерде маңызынан башка нерсе келип чыкпаса, келишим соодалашуу аркылуу түзүлүшү мүмкүн. Мында келишимди соодалашууда жеңип чыккан тарап түзөт.<br>2. Соодалашууну уюштуруучу катары буюмдун менчик ээси же менчик укугунун ээси, же адистешкен уюм чыга алат. Адистешкен уюм буюмдун ээси же мүлк укугунун ээси менен келишимдин негизинде аракеттенет жана алардын же өзүнүн атынан чыгат.<br>3. Ушул Кодексте же башка мыйзамда көрсөтүлгөн учурларда буюмду же мүлк укугун сатуу жөнүндөгү келишимдер соода өткөрүү аркылуу гана түзүлүшү мүмкүн.<br>4. Соода аукцион же конкурс түрүндө |

| | |
|---|---|
| 1) өзгөчө ири өлчөмдө зыян келтирүү менен;<br>2) алдын ала бүтүм боюнча адамдардын тобу тарабынан, -<br>1000ден 2000 эсептик көрсөткүчтөргө чейин айып салууга же эки жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат. | жүргүзүлөт.<br>Айрыкча жогорку бааны сунуш кылган жак аукциондогу сооданы жеңип чыккан катары, ал эми конкурста болсо - конкурстук комиссияны уюштуруучу тарабынан мурдатан жасалган тыянакка ылайык мыкты шарттарды сунуш кылган жак жеңип чыккан катары таанылат.<br>Сооданын түрү, эгерде мыйзамда башка каралбаган болсо, сатылуучу буюмдун менчик ээси же сатылуучу мүлк укугунун ээси тарабынан аныкталат.<br>5. Бир гана катышуучу катышкан аукцион жана конкурс өткөрүлбөгөн катары таанылат.<br>6. Ушул Кодекстин 408-410-статьяларында каралган эрежелер, эгерде граждандык иштер мыйзамдарында башка каралбаса, сот чечимдерин аткаруу тартибинде өткөрүлүүчү ачык соодага карата колдонулат.<br>7. Банкроттук процессинде жүргүзүлүүчү келишим түзүү, соодаларды уюштуруу жана өткөрүү өзгөчөлүктөрү банкроттук жөнүндөгү мыйзамдар менен белгиленет.<br><br>**409-статья. Сооданы уюштуруу жана өткөрүү тартиби**<br>1. Аукциондор жана конкурстар ачык жана жабык өткөрүлүшү мүмкүн.<br>Ачык аукциондо жана ачык конкурста каалаган ар бир жак катыша алат. Жабык аукциондо жана жабык конкурста бул максатта |

| | |
|---|---|
| | атайын чакырылган жактар гана катышат.<br>2. Эгерде мыйзамда башка каралбаса, соода жүргүзүү жөнүндөгү билдирүү уюштуруучу тарабынан ал өткөрүлгөнгө чейин отуз күндөн кечиктирбей жасалууга тийиш. Билдирүүдө ар кандай учурда сооданын убагы, орду жана түрү, анын заты жана өткөрүү тартиби жөнүндө, мунун ичинде соодага катышууга даярдык, соодада жеңип чыккан жактын аныкталышы жөнүндө, ошондой эле алгачкы баа тууралу маалымат камтылууга тийиш.<br>Эгерде келишим түзүү укугу сооданын предмети болуп саналса, алдыда болуучу соода жөнүндөгү билдирүүдө бул үчүн берилүүчү мөөнөт көрсөтүлүүгө тийиш.<br>3. Эгерде мыйзамда же соода жүргүзүү жөнүндөгү билдирүүдө башка каралбаса, аны өткөрүү тууралу билдирген ачык соода уюштуруучу соода өткөрүү башталгандан үч күн мурда кечиктирбестен аукциондон каалаган убакытта, ал эми конкурс уюштуруучу - конкурс өткөрүлгөнгө чейин отуз күндөн кечиктирбестен конкурстан баш тартууга укуктуу.<br>Ачык соода уюштуруучу аны өткөрүүдө көрсөтүлгөн мөөнөттү бузуу менен баш тартса, ал катышуучуларга алар тарткан анык зыяндын ордун толтурууга милдеттүү. |

| | |
|---|---|
| | Жабык аукционду же жабык конкурсту уюштуруучу өзү чакырган катышуучуларга билдирүү жиберилгенден кийинки кандай мөөнөттө соодадан баш тартылгандыгына карабастан, алар тарткан анык зыяндын ордун толтурууга милдеттүү.<br>4. Соодага катышуучулар насыяны соода өткөрүү жөнүндөгү билдирүүдө көрсөтүлгөн өлчөмдө, мөөнөттө жана тартипте киргизет. Эгерде соода өткөрүлбөй калса, насыя кайтарылып берилет. Насыя, ошондой эле соодага катышып, бирок, анда жеңип чыкпаган жактарга да кайтарылып берилет.<br>Соодада жеңип чыккан жак менен келишим түзүлгөндө ал насыя катары киргизген сумма түзүлгөн келишим боюнча милдеттенмелердин аткарылышына эсептелинет.<br>5. Соодада жеңип чыккан жак жана сооданы уюштуруучу (334-berененин 2-пункту) аукцион же конкурс өткөрүлгөн күнү сооданын жыйынтыгы тууралу протоколго кол коюшат жана бул протокол келишимдин күчүнө ээ болот. Эгерде соодада жеңип чыккан жак келишимге кол коюудан баш тартса, өзү киргизген насыядан ажырайт. Протоколго кол коюудан баш тарткан соода уюштуруучу насыяны эки эселенген өлчөмдө кайтарып берүүгө, ошондой эле соодада жеңип чыккан жактын соодага катышууда тарткан чыгымын насыянын суммасынан |

| | |
|---|---|
| | ашкан бөлүктө ордун толтурууга милдеттүү.<br>Эгерде сооданын шарттары боюнча келишим түзүү укугу гана ойнолсо, тараптар соода аяктагандан жана протокол даярдалгандан кийин жыйырма күндөн же билдирүүдө көрсөтүлгөн башка мөөнөттөн кечиктирбей мындай келишимге кол коюуга тийиш. Тараптардын бири келишим түзүүдөн баш тарткан учурда, башка тарап келишимди түзүүгө мажбурлоо, ошондой эле тарткан зыяндын ордун толтуруу талабы менен сотко кайрылууга укуктуу.<br><br>**410-статья. Соода өткөрүү тартибин бузуунун натыйжасы**<br>1. Мыйзамда белгиленген эрежелерди бузуу менен өткөрүлгөн соода таламдаш жактын доосу боюнча сот тарабынан жараксыз катары таанылышы мүмкүн.<br>2. Сооданын жараксыз катары таанылышы сооданы жеңип чыккан жак түзгөн келишимдин жараксыздыгына алып келет. |

Бул ченемдер биринчи кезекте тооруктардын предмети болгон товарлар (жумуштар, кызмат көрсөтүүлөр) рыногунда атаандаштыкты коргоого багытталган.

Бирок, ченемдик укуктук актыларда же тендердик документтерде белгиленген тооруктарды өткөрүү эрежелеринен ар бир четтөө тооруктарды жараксыз деп табуу түрүндөгү кылмыш-жаза жоопкерчилигине же граждандык-укуктук кесепеттерге алып келиши мүмкүн эмес.

Жалпысынан, тооруктарды өткөрүүнүн тартибин белгилеген мыйзамдардын негизги милдети – катышуучулардын мүмкүн болушунча кеңири чөйрөсүн камсыз кылуу эмес, тооруктардын жыйынтыгында, келишимди аткаруу

максаттарына эң жакшы жооп бере турган адамды аныктоо, каржылоо булактарын натыйжалуу пайдалануу, тиешелүү чөйрөдө кыянаттык менен пайдаланууну болтурбоо.

Ошентип, тооруктарды уюштуруу жана өткөрүү боюнча аракеттерди жазык жоопкерчилигине тартуу үчүн негиз катары квалификациялоо үчүн тооруктарды өткөрүүнүн тартибин жөнгө салуучу атайын мыйзамдарды айрым бузуулардын кесепеттерин белгилөө жана баалоо зарыл. Бул кесепеттер мүлктүн менчик ээсине, тооруктарды же аукционду уюштуруучуга, сатып алуучуга же башка чарба жүргүзүүчү субъектке ири өлчөмдө келтирилген зыяндан көрүнүп турат. Анын үстүнө бул аракеттер атайылап да, байкабастыктан да жасалышы мүмкүн.

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 247-беренесине ылайык **ачык тооруктарды, аукциондорду же конкурстарды өткөрүүнүн тартибин кыянаттык менен бузуу, мүлктүн ээсине, тоорукту же аукционду уюштуруучуга, сатып алуучуга же башка чарба жүргүзүүчү субъектке ири өлчөмдө зыян келтиргендик кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартуу үчүн негиз болот.**

Бул кылмыштын аяктоо учуру болуп берененин диспозициясында көрсөтүлгөн кесепеттер келип чыккан учур эсептелет.

***№11 Мисал:***

*Прокуратура тарабынан Транспорт жана жолдор министрлигинин «Кыргыз темир жолу» мамлекеттик ишканасынын айрым кызмат адамдары тарабынан тендердик мыйзамдарды бузуу фактылары аныкталды. 432 миллион сомго 150 универсалдуу темир жол жартылай вагондорун сатып алуу боюнча тендер боюнча сотко чейинки өндүрүш жүрүп жатат«Кыргыз темир жолу» мамлекеттик ишканасынын айрым кызмат адамдары тарабынан мамлекеттик сатып алуулардын жол-жоболору бюджеттик каражаттарды пайдаланууда үнөмдүүлүк жана натыйжалуулук принциптерин камсыз кылбастан, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарын бузуу менен жүргүзүлгөндүгү аныкталган. Тендердик комиссия 41 миң АКШ долларына жарым-жартылай унааларды сунуштаган чыгашалуу ортомчу компанияны тендердин жеңүүчүсү деп тапкан. Ошол эле учурда башка катышуучулардын арыздары жана баасы 35 миң долларга чейинки жартылай унааларды алып келүүнү сунуштаган арыз ээлеринин заказды*

*жеткирүү боюнча коммерциялык сунуштары четке кагылган. Тендердик комиссия техникалык шарттардын талаптарын эске алган эмес, атап айтканда, кузовунун көлөмү 88 куб метр болгон 12-132 үлгүсүндөгү жартылай унаалардын ордуна кузовдуу 12-9796 үлгүсүндөгү жартылай вагондор көлөмү 78 куб метр сатылып алынган. «Кыргыз темир жолу» ишканасынын кызмат адамдары тарабынан келишим түзүүнүн натыйжасында мамлекеттик бюджетке 69 000 000 сомдон ашык зыян келтирилген.*

Граждандык кодекстин 408 жана 409-беренелери тооруктарды өткөрүү эрежелерин камсыз кылат.

Бул эрежелерди бузуу, Граждандык кодекстин 410-беренесине ылайык тооруктарды жараксыз деп табуу үчүн негиз болот.

Мыйзамда белгиленген эрежелер Граждандык кодексте жана башка мыйзамдарда, мисалы, « Сот аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу» мыйзамда, «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» мыйзамда белгиленген тооруктарды өткөрүүнүн милдеттүү эрежелери катары түшүнүлөт.

**Мыйзамда белгиленген эрежелерди бузуу менен өткөрүлгөн соода таламдаш жактын доосу боюнча сот тарабынан жараксыз катары таанылышы мүмкүн.**

Мисалы, тооруктар жараксыз деп табылышы мүмкүн, эгерде:

- кимдир бирөө негизсиз түрдө тооруктан четтетилген;
- эң жогорку сунуш кылынган баа тоорукта негизсиз кабыл алынган эмес;
- сатуу билдирүүдө көрсөтүлгөн мөөнөттөн эрте жүргүзүлсө;
- сатуунун баасын туура эмес аныктоого алып келген тооруктарды өткөрүү тартибин башка олуттуу бузууларга жол берилген;
- мыйзамда белгиленген башка эрежелерди бузууларга жол берилген.

***Сооданын жараксыз катары таанылышы сооданы жеңип чыккан жак түзгөн келишимдин жараксыздыгына алып келет.***

Бул ченем милдеттүү болуп саналат жана келишимдин жараксыздыгы жөнүндө экинчи чечимдин зарылдыгын жокко чыгарат.

Пикирленген ченемдердин кандайдыр бир процесстик мүнөзүнө көңүл буруу керек, алардын призмасы аркылуу граждандык-укуктук келишимдердин бул тобунун белгилери ачылат. Тооруктардын натыйжасын аныктоого таасир

тийгизе турган бузууларга жол берилген бардык учурларда тоорук жараксыз деп табылат.

Конкурстун же аукциондун натыйжаларын жараксыз деп табуу жөнүндө дооматтар (конкурстук комиссиянын протоколу же аукциондун натыйжалары жөнүндө протокол) сотко конкурстун же аукциондун катышуучулары тарабынан гана эмес, ошондой эле конкурска (аукционго) катышуудан баш тартылган адамдар тарабынан да коюлушу мүмкүн. Мында конкурска (аукционго) катышуудан мыйзамсыз баш тартуу конкурстун (аукциондун) натыйжаларын жараксыз деп таануу үчүн негиз боло алат.

Ошону менен бирге, мыйзамда белгиленген тооруктарды өткөрүү тартибинен четтегендигинен улам укуктары жана мыйзамдуу таламдары бузулбаган жак тарабынан жарыяланган ачык тооруктарды жараксыз деп табуу жөнүндө доосу канааттандырылууга жатпайт.

***№12 Мисал:***

*Акционердик коом (доогер) ачык тоорукту уюштуруучуга (сатуучуга) жана мүлктү сатып алуучуга тоорукту уткан жак менен, тоорукту жараксыз деп табуу жана жак менен түзүлгөн сатып алуу келишиминин жараксыздыгынын кесепеттерин колдонуу жөнүндө доо менен сотко кайрылган. Доогер карызды өндүрүп алуу боюнча соттун чечиминин негизинде өткөрүлгөн имаратты сатуу боюнча ачык тоорукту өткөрүү тартиби сакталбаганын көрсөткөн. Тактап айтканда, Граждандык кодекстин талаптарын бузуу менен тоорук өткөрүүгө 28 күн калганда кабарлаган; тооруктун натыйжалары жөнүндө протоколго аны жеңген жак өткөрүлгөн күнү эмес, эки күндөн кийин кол коет.*

*Доогер тоорукка катышкан жана жеңүүчү болуп эсептелбестен, өзүн ачык тоорукту өткөрүү тартиби бузулгандыктан аны жараксыз деп таанууга кызыкдар адам деп эсептеген.*

*Сот төмөнкү негиздер боюнча доо арызды канааттандыруусуз калтырды. Тоорукту жараксыз деп таануу жөнүндө арыз берген жак граждандык мыйзамдарда каралган чараларды колдонуу менен корголуучу укуктун же таламдын бар экендигин далилдөөгө милдеттүү. Тооруктун жол-жобосун бузуулар мүлктүк укуктары жана таламдары бул бузуулар менен козголбогон жактын доосу боюнча тоорукту жараксыз деп табуу үчүн негиз боло албайт жана анда түзүлгөн бүтүмдүн жараксыздыгынын кесепеттерин колдонууда калыбына келтирилиши мүмкүн эмес. Мында доогер тооруктун шарттарын бузгандыгына карабастан, ага катышып, сатуу баасы боюнча өз сунуштарын берген. Доогер ал айткан мыйзам бузуу*

*анын тоорукка катышуу укугуна кандайча таасир эткенин жана анын мыйзамдуу кызыкчылыктарын козгогондугун көрсөткөн эмес. Протоколго кол коюунун шарттарын бузуу тоорукка катышкан жана жеңүүчү болуп табылбаган арыз ээсинин укуктарын жана кызыкчылыктарын козгобойт.*
*Ушуга байланыштуу, сот арыз ээсинин граждандык укуктары жана таламдары бузулбагандыктан, акыркысынын дооматы канааттандырууга эч кандай негиз жок деп туура деп тапты жана тоорукту жараксыз деп табуу сыяктуу укукту коргоонун мындай ыкмасын соттук отурумда колдонууга болбойт.*

***№13 Мисал:***

*Акционердик коом тоорукту уюштуруучуга жана аны жеңген сатып алуучуга доогердин мүлкүнө карата өткөрүлгөн ачык тоорукту жана ошонун негизинде түзүлгөн соода-сатык келишимин жараксыз деп табуу жөнүндө доо менен сотко кайрылган.*
*Дооматтарын колдоо иретинде доогер тоорукту өткөрүү эрежелеринин бузулушуна токтолду, анткени аларды өткөрүү жөнүндө билдирүү отуз күн эмес, он эки күн мурда жарыяланган.*
*Иштин материалдарынан көрүнүп тургандай, карызды өндүрүү боюнча соттун чечиминин негизинде сот аткаруучу тарабынан мүлк камакка алынып, доогердин кыймылсыз мүлкүнө ачык тоорук өткөрүлгөн. Анын жыйынтыгында доогердин мүлкү сатып алуучу уюм тарабынан алынып, акыркысы менен соода-сатык келишими түзүлгөн.*
*Граждандык кодекстин 409-беренесинин 2 жана 4-пункттарына ылайык, тоорукту өткөрүү жөнүндө билдирүү уюштуруучу тарабынан тоорук башталганга чейин кеминде 30 күн калганда берилүүгө тийиш; тооруктун катышуучулары тоорук өткөрүү жөнүндө билдирүүдө көрсөтүлгөн өлчөмдө, мөөнөттө жана тартипте насыя киргизишет.*
*Сот жоопкердин мүлкү сатылып жаткан карызкор өзүнүн мүлкүн сатуу боюнча тоорукту талашууга кызыкдар жак эмес деген жүйөлөрүн четке какты. Доогер тарабынан айтылган мыйзам бузуулар тооруктун жыйынтыгына олуттуу таасирин тийгизген. Көрсөтүлгөн мөөнөттү бузуу менен билдирилген тоорук жөнүндө маалымат потенциалдуу сатып алуучулардын тоорукка катышуу мүмкүнчүлүгүн азайтат жана демек, сатуунун баасын түзүүгө таасирин тийгизет. Тоорукту уюштуруучу тарабынан жол берилген мыйзам бузуу тоорукка эки гана сатып алуучунун катышуусуна алып келген. Бир нече потенциалдуу сатып алуучулар өз убагында насыя киргизип, тоорукка катыша алышкан жок. Бул жагдай конкурстук табыштамаларды берүүнүн жүрүшүндө аныкталган эң*

*жогорку баага мүлктү сатууга кызыкдар болгон карызкордун кызыкчылыктарына түздөн-түз таасирин тийгизет. Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен сот доо арызды канааттандырган.*

## 7.3. Башка бирөөнүн мүлкүн негизсиз алуу жана уурдоо

| | |
|---|---|
| ***Кылмыш-жаза кодекси, 209-берене. Алдамчылык***<br><br>*1. Алдамчылык, башкача айтканда алдоо же ишенимин кыянаттык менен пайдалануу жолу менен олуттуу эмес өлчөмдөгү башка бирөөнүн мүлкүн ээлеп алуу же мүлккө болгон укукка ээ болуу, -*<br>*200дөн 500 эсептик көрсөткүчтөргө чейин айып салууга жазаланат.*<br>*2. Төмөнкүдөй жасалган ошол эле жосун:*<br>*1) олуттуу өлчөмдө;*<br>*2) адамдардын тобу тарабынан;*<br>*3) алдын ала бүтүм боюнча адамдардын тобу тарабынан, -*<br>*эки айдан бир жылга чейинки мөөнөткө түзөтүү жумуштарына, же 500дөн 1000 эсептик көрсөткүчтөргө чейин айып салууга, же үч жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.*<br>*3. Ушул берененин 1 же 2-бөлүгүндө каралган, ири өлчөмдө жасалган жосундар, -*<br>*1000ден 2000 эсептик көрсөткүчтөргө чейин айып салууга же үч жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.* | ***Жарандык кодекси, 1029-берене Негизсиз байлыкты кайтарып берүү милдеттенмеси***<br><br>*1. Мыйзам же бүтүм менен белгиленбеген негиздер боюнча башка жактын (жабыр тартуучунун) эсебинен мүлктү сатып алган же жыйнаган жак жабыр тартуучуга негизсиз сатып алган же жыйнаган мүлктү (негизсиз байлыкты) ушул Кодекстин 1037-статьясында каралган учурлардан тышкары кайтарып берүүгө милдеттүү.*<br>*2. Ушул главада каралган эрежелер мүлктү сатып алуучунун, жабыр тартуучунун өзүнүн, үчүнчү жактардын жүрүш-турушунун натыйжасында же алардын эркинен тышкары негизсиз баюу болгондугуна карабастан колдонулат.*<br><br>***1030-статья. Негизсиз байлыкты кайтарып берүү жөнүндөгү талаптардын жарандык укукту коргоо жөнүндөгү башка талаптар менен катышы***<br><br>*Ушул Кодекс, башка мыйзамдар менен башкача эч нерсе белгиленбегендиктен жана анын* |

| | |
|---|---|
| *4. Ушул берененин 1 же 2-бөлүгүндө каралган, төмөнкүдөй жасалган жосундар:*<br>*1) өзгөчө ири өлчөмдө;*<br>*2) уюшкан топ тарабынан;*<br>*3) кылмыштуу коомдоштуктун курамында;*<br>*4) кызматтык абалын пайдалануу менен, -*<br>*мүлкүн конфискациялоо менен, үч жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен беш жылдан он жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.* | *маңызынан тийиштүү мамилелер келип чыкпагандыктан, ушул главада каралган эрежелер төмөнкүдөй талаптарга да карата колдонулат:*<br>*1) жараксыз бүтүм боюнча аткарылгандарды кайтарып берүү жөнүндө;*<br>*2) башка бирөөнүн мыйзамсыз ээлик кылуусунан мүлктүн ээсинин талабы жөнүндө;*<br>*3) милдеттенмеге байланыштуу аткарылганды кайтаруу жөнүндө милдеттенменин биринчи тарабынын анын экинчи тарабына карата кайрылуусу;*<br>*4) зыяндын, анын ичинде байыган жактын адилетсиз жүрүш-турушунан улам келтирилген зыяндын ордун толтуруу.* |

**Кылмыш-жаза мыйзамдарында уурдоо - менчик ээсине же бул мүлктүн башка ээсине зыян келтирүүчү, укукка каршы, күнөөлүүнүн же башка адамдардын пайдасына бөтөн мүлктү акысыз алып (ээлеп) алуу.**

Жогорудагы аныктамалардын негизинде, уурулукту мүнөздөгөн жети белгини бөлүп көрсөтүүгө болот:

1. кол салуу предмети катары башка бирөөнүн мүлкү;
2. башка бирөөнүн мүлкүн күнөөлүү адамдын же башка адамдардын пайдасына тартып алуу;
3. башка бирөөнүн мүлкүн күнөөлүү адамдын же башка адамдардын пайдасына айландыруу;
4. башка бирөөнүн мүлкүн камакка алуунун мыйзамсыздыгы;
5. бирөөнүн мүлкүн бекер алып коюу;
6. мүлктүн ээсине же башка ээсине зыян келтирүү;
7. пайда көздөө максаты.

*Уурулуктун объектиси* болуп ар дайым мүлк саналат, башкача айтканда, мыйзамдуу түрдө менчик ээси ээ болгон бул мүлккө ээлик кылуу, пайдалануу жана тескөө боюнча ыйгарым укуктар жана башка адамдардын - менчик ээсинин милдеттенмеси түрүндө чагылдырылган мүлккө карата укугун кабыл

алуу жана алардын ишке ашырылышына тоскоолдук кылбоо боюнча коомдук мамилелер. Башка бирөөнүн мүлкүн тартып алуу жана (же) кылмыш жасаган адамдын же башка адамдардын пайдасына айландыруу уурдоону мүнөздөгөн дагы бир объективдүү белги болуп саналат.

Алып коюу бир эле учурда аны күнөөлүү адамдын же башка адамдардын менчигине айландыруу менен байланышкан мүлктү физикалык жактан жылдырууну, жоготууну, алып коюуну, менчик ээсинин ээлигинен алууну билдирет. Алып коюу ар дайым анын ээсинин эркине каршы, башка бирөөнүн мүлкүн күнөөлүү адамдын же башка адамдардын пайдасына айландыруудан айырмаланып, күнөөлүү адам өзүнө менчик ээси ыктыярдуу түрдө өткөрүп берген мүлктү өзүнүн акыркы ээлигине өткөрүп бергенде жүргүзүлөт.

***№14 Мисал:***

*Николаев биринчи инстанциядагы сот тарабынан алдамчылык фактысы боюнча соттолгон. 2020-жылдын июль айында Николаев Зумрадовго автоунаа сатып алуу максатында алдамчылык жолу менен андан 2000 АКШ долларын алган. Ушундай эле шылтоо менен 2020-жылдын август айында Аскаровдон 2100 доллар алган. Алган акчага Николаев 2020-жылдын август айында унаа сатып алып, акчанын бир бөлүгүн жеке муктаждыктарына жумшаган. Ал түшкөн акчага Зумрадов менен Аскаровго башка машиналарды сатып алуу же акчасын кайтарып берүү максатында көрсөтүлгөн машинаны сатууну көздөгөн.*

*Апелляциялык сот кылмыштын курамы жок деген негизде кылмыш ишин токтотуп, төмөндөгүлөрдү билдирди.*

*Иштин материалдарынан жана соттун өкүмүнөн көрүнүп тургандай, Николаевдин аракеттеринде эч кандай ысырапкорчулуктун белгилери жок, анткени ал Аскаров менен Зумрадовдон карызга акча алып жатып, бул каражаттарды бекер алуу ниети болгон эмес жана ал кайтаруу чараларын көргөнү менен жагдайга байланыштуу карызын төлөбөй койгон.*

*Николаевдин Зумрадовду жана Аскаровду алардын акчасын пайдалануунун максаты жөнүндө адаштыргандыгы жана кырдаалга байланыштуу карызды өз убагында кайтара албагандыгы жөнүндөгү аракеттери көрсөтүлгөн кылмыштын курамын түзбөйт. Анын, Зумрадовдун жана Аскаровдун ортосундагы мамилелер граждандык-укуктук мүнөздө.*

Уурдоодо кылмыш аракеттерин туура квалификациялоо үчүн мүлктү алып коюу ыкмалары, алар айырмаланышы мүмкүн болгон - жасалган аракеттердин мүнөзү, орду, убактысы же жагдайы, колдонулган

каражаттардын түрлөрү жана ыкмалары боюнча, зордук-зомбулуктун мүнөзү жана башкалар маанилүү роль ойнойт.

Уурдоо үчүн кылмышкердин пайда көрүү максаты болушу зарыл, бул кылмыш жасаган адамга же башка адамдарга материалдык пайда (акча, мүлк же аны алууга укук, турак жайга укук, сый акы) алуу максатында кылмыш жасоо деп түшүнүлөт, кылмыштын милдеттүү элементи болуп саналат. Күнөөлүү адамдын аракеттеринде пайда көрүү максатты белгилебөө жалпысынан уурулуктун жок болушуна алып келет.

Уурулуктун субъективдүү белгилерине төмөнкүлөр кирет:

а) башка бирөөнүн мүлкүн бекер тартып алууга жана аны өзүнүн пайдасына же үчүнчү жактардын пайдасына айлантууга тике кара ниеттик;

б) бул алып коюунун максаты же башка жеке кызыкчылыгы.

Өзгөчө белгилей кетүүчү айырмалоо, алдамчылык кылмышы менен граждандык укук тартибинде каралуучу милдеттемелерди аткарбоо боюнча талаш-тартыштар.

2020-жылдын 29-майы №8 Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун Токтому Алдамчылык, ишенип берилген мүлктү ыйгарып алуу жана коротуу тууралуу иштер боюнча соттук тажрыйба жөнүндө” менен камтылган - алдамчылык менен байланышкан иштерди кароодо соттор эч ким кандайдыр бир жарандык уктук милдеттенмесин аткарууга мүмкүнчүлүгү жок деген негизде гана эркиндигинен ажыратылышы мүмкүн эместигин белгилеген Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жоболорун эске алуу керек.

*Эгерде өзүнүн пайдасы үчүн бөтөн мүлктү ээлеп алууга же ага болгон укукка ээ болууга багытталган ниет бөтөн мүлктү ээлеп алганга же ага болгон укукка ээ болууга чейин же андан кийин пайда болсо жана ал бөтөн мүлккө же ага болгон укукка ээ болуунун шарттары менен байланышкан милдеттенмелерди аткарууга ниети жок туруп ээ болуп, жыйынтыгында жабырлануучуга материалдык чыгым келтирилген учурда гана жосунду алдамчылык катары квалификациялоо керек.* Бөтөн мүлктү ээлеп алууга же ага болгон укукка ээ болууга багытталган ниет, айрыкча келишимдин шарттарына ылайык милдеттенмени аткарууга реалдуу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу, келишим түзүүдө жасалма өздүгүн аныктоочу, кепилдик каттарды, тактамаларды, уставдык документтерди колдонуусу, карыздарды жана мүлк күрөөдө тургандыгы боюнча маалыматты жашыруусу, алынган мүлктү келишимдин шарттарына карты башка максатка пайдаланылышы менен аныкталат. Аталган жагдайлар ез алдынча адамдын алдамчылык

жасагандыгынын күнөөлүүлүгүнүн далили боло албастыгын соттор эске алуусу керек. Ар бир конкреттүү учурда иштин бардык жагдайларын эске алуу менен, жак өзүнүн милдеттенмелерин аткарууга башынан эле ниети жок болгону аныкталууга тийиш (Токтомдун 3-4 пункттары).

**Негизсиз байлыкты кайтарып берүү милдеттенмеси** Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин өзүнчө главасында көрсөтүлгөн. Граждандык кодекстин 1029-беренесине ылайык, мыйзам же бүтүм менен белгиленбеген негиздер боюнча башка жактын (жабыр тартуучунун) эсебинен мүлктү сатып алган же жыйнаган жак жабыр тартуучуга негизсиз сатып алган же жыйнаган мүлктү (негизсиз байлыкты) кайтарып берүүгө милдеттүү. Мүлктү сатып алуучунун, жабыр тартуучунун өзүнүн, үчүнчү жактардын жүрүш-турушунун натыйжасында же алардын эркинен тышкары негизсиз баюу болгондугуна карабастан колдонулат.

**Негизсиз баюу деп эч кандай мыйзамдуу негиздерсиз мүлктү башка жактын эсебинен (баюуу) негизсиз алынган же жыйналган түшүнүлөт.**

Негизсиз баюунун шарттары төмөнкүлөр:

- алуучунун өздүк мүлкүнүн наркын жогорулатуу, ага жаңы баалуулуктарды кошуу же мыйзамда белгиленген негиздер боюнча анын менчигинен чыгарылууга тийиш болгон мүлктү сактоо маанисинде мүлктү алуу же жыйноо бар болсо; (байытуунун мааниси ушинтип ачылат);
Эскертүү. Ушул беренеде каралган жосундар:

- эгерде өткөрүлгөн товарлардын наркы кылмыш жасалган учурда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген 5000ден 50000 эсептик көрсөткүчкө чейин түзсө-кыйла өлчөмдө;

- эсептик көрсөткүчтөн элүү миң эседен ашса - ири өлчөмдө;

- эсептик көрсөткүчтөн жүз миң эседен ашса - өзгөчө ири өлчөмдө жасалган жосундар деп таанылат.

Эгерде адам айыптарды жана туумдарды кошуп, контрабанданын предмети болуп саналган товарларды жана башка предметтерди бажылык жол-жоболоштуруу аркылуу тийиштүү бажы төлөмдөрүн өз ыктыяры менен эки эсе өлчөмүндө төлөп берсе, ал ушул беренеде каралган жосунду жасагандыгы үчүн кылмыш жоопкерчилигинен жана жазадан бошотулат.

## 30-глава. Акча-насыя жана валюта чөйрөсүндөгү кылмыштар

### 232-berene. Насыяны мыйзамсыз берүү

Менчигинин түрүнө карабастан уюмдун кызмат адамы тарабынан жеке же юридикалык жактарга мамлекеттик максаттуу насыяларды мыйзамсыз берүү же насыя алуу үчүн мыйзамсыз жеңилдетилген шарттарды берүү, -

1000ден 2000 эсептик көрсөткүчкө чейин айып салууга же беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

Эскертүү. Келтирилген зыяндын ордун ыктыярдуу түрдө эки эселенген өлчөмдө толтурган учурда, адам ушул беренеде каралган жосундар үчүн кылмыш-жаза жоопкерчилигинен жана жазадан бошотулат.

### 233-берене. Жасалма акчаны же баалуу кагаздарды жасоо

1. Жасалма акча белгилерин, металл тыйындарды, баалуу кагаздарды же чет өлкөлүк валютаны же чет өлкөлүк валютадагы баалуу кагаздарды сатуу максатында жасалмасын жасоо же болбосо сатуу максатында сактоо, ага тете сатуу, -

1000ден 2000 эсептик көрсөткүчкө чейин айып салууга же беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

2. Төмөнкүдөй жасалган ошол эле жосундар:

1) ири өлчөмдө;

2) адамдардын тобу тарабынан;

3) алдын ала бүтүм боюнча адамдардын тобу тарабынан, -

беш жылдан сегиз жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат,

3. Ушул берененин 1 же 2-бөлүгүндө каралган жосундар, кылмыштуу коомдоштуктун курамында же уюшкан топ тарабынан жасалса, -

мүлкүн конфискациялоо менен сегиз жылдан он жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

Эскертүү. Кылмыш жасоо учурунда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген эсептик көрсөткүчтөн бир миң эсе ашкан кылмыш предметинин наркы ушул беренеде ири өлчөм деп таанылат.

**234-берене. Төлөм документтерин жасоо**

1. Жасалма насыялык же эсептешүү карталарын, ага тете баалуу кагаз болуп саналбаган башка төлөм документтерин сатуу максатында даярдоо же сатып өткөрүү, -

1000ден 2000 эсептик көрсөткүчкө чейин айып салууга же беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

2. Төмөнкүдөй жасалган ошол эле жосундар:

1) адамдардын тобу тарабынан;

2) алдын ала бүтүм боюнча адамдардын тобу тарабынан, -

беш жылдан сегиз жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

**235-берене. Баалуу кагаздарды чыгаруудагы (эмиссиялоодогу) кыянаттыктар**

Баалуу кагаздардын эмиссия проспектине билип туруп анык эмес маалыматты киргизүү, ага тете эле анык эмес маалыматты камтыган эмиссия проспектин билип туруп бекитүү же эмиссиянын анык эмес натыйжаларын билип туруп бекитүү, эгерде бул жосундар олуттуу өлчөмдө зыян келтирсе, -

эки жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен 300дөн 600 эсептик көрсөткүчкө чейин айып салууга жазаланат.

**236-берене. Баалуу металлдарды, табигый асыл таштарды мыйзамсыз жүгүртүү**

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген эрежелерди атайылап же байкабастан бузуу менен баалуу металлдарга, табигый асыл таштарга байланышкан бүтүмдү түзүү, ага тете эле зергердик жана турмуш-тиричиликтик буюмдарды жана мындай буюмдардын сыныктарын кошпогондо, кандай түрдө болбосун баалуу металлдарды, табигый асыл таштарды мыйзамсыз сактоо, ташуу же жөнөтүү, -

эки жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен 300дөн 600 эсептик көрсөткүчкө чейин айып салууга жазаланат.

**237-берене. Баалуу металлдарды жана асыл таштарды мамлекетке тапшыруу эрежелерин бузуу**

Жер казынасынан казылган, кайра пайдаланылуучу чийки заттан алынган, ага тете эле ачылган жана табылган баалуу металлдарды же асыл таштарды аффинажга милдеттүү түрдө тапшыруудан же мамлекетке милдеттүү түрдө сатуудан атайылап же байкабастан качуу, эгерде бул жосун олуттуу өлчөмдө жасалса, -

эки жылга чейин белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир ишти жүргүзүү укугунан ажыратуу менен 300дөн 600 эсептик көрсөткүчкө чейин айып салууга жазаланат.

## 31-глава. Салык салуу чөйрөсүндөгү кылмыштар

### 238-берене. Жасалма акциздик маркаларды жасоо

Жасалма акциз маркаларын сатуу максатында даярдоо, ага тете сатуу максатында сактоо же ири өлчөмдө же алдын ала бүтүм боюнча адамдардын тобу тарабынан сатуу же пайдалануу, -

1000ден 2000 эсептик көрсөткүчкө чейин айып салууга же беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

Эскертүү. Беш жүз же андан ашык жасалма акциздик маркалар ушул беренеде ири өлчөм деп таанылат.

### 239-берене. Милдеттүү түрдө акциз салынуучу лродукцияны акциздик маркасыз өндүрүү

Милдеттүү түрдө акциз салынуучу продукцияны акциздик маркасыз ири өлчөмдө өндүрүү, сактоо, импорттоо же сатуу, -

1000ден 2000 эсептик көрсөткүчкө чейин айып салууга же беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

Эскертүү. Кылмыш жасоо учурунда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген милдеттүү акциз салынууга тийиш болгон продукциянын эсептик көрсөткүчтөн мин эсе ашкан суммадагы өлчөмү ушул беренеде ири өлчөм деп таанылат.

### 240-берене. Спиртти жана спирт кошулган ичимдиктерди мыйзамсыз өндүрүү

1. Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларында белгиленген талаптарга жооп бербеген спиртти же спирт кошулган ичимдиктерди ири өлчөмдө мыйзамсыз өндүрүү же сатуу максатында сактоо, ага тете сатуу, -

эки айдан бир жылга чейинки мөөнөткө түзөтүү жумуштарына же 500дөн 1000 эсептик көрсөткүчкө чейин айыпка же эки жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

2. Мыйзамсыз өндүрүлгөн же Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларында белгиленген талаптарга жооп бербеген, этиятсыздыктан оор залалга алып келген спиртти же спирт кошулган ичимдиктерди сатуу, -

1000ден 2000 эсептик көрсөткүчкө чейин айып салууга же эки жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

Эскертүү. Эки жүз же андан ашык литр спирт жана спирт кошулган ичимдиктер ушул беренеде ири өлчөм деп таанылат.

**241-берене. Бажы төлөмдөрүн төлөөдөн качуу**

1. Бажы төлөмдөрүн төлөөдөн төлөмдөрдү эсептеп чыгаруу үчүн документтерди бербөө же аларды жок кылуу, же төлөмдөрдү эсептеп чыгаруу үчүн документтерге билип туруп бурмаланган маалыматтарды киргизүү жолу менен качуу, ошондой эле экономикалык контрабанданын белгилери болбогондо башка салык салуунун объекттерин ири өлчөмдө жашыруу, -

бир жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен 300дөн 600 эсептик көрсөткүчтөргө чейин айып салууга жазаланат.

2. Ошол эле жосун ири өлчөмдө жасалса, -

үч жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратууга, же бир жылдан үч жылга чейинки мөөнөткө түзөтүү жумуштарына, же 500дөн 1000 эсептик көрсөткүчкө чейин айып салууга, же эки жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

3. Төмөнкүдөй жасалган ошол эле жосундар:

1) адамдардын тобу тарабынан;

2) алдын ала бүтүм боюнча адамдардын тобу тарабынан;

3) өзгөчө ири өлчөмдө, -

1000ден 2000 эсептик көрсөткүчкө чейин айып салууга же үч жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен же аны колдонбостон эки жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

Эскертүү. Ушул Кодекстин 241-243-беренелеринде каралган жосундар, эгерде төлөнбөгөн төлөмдөрдүн суммасы кылмыш жасалган учурда Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларында белгиленген эсептик көрсөткүчтөн бир миңден элүү миңге чейинкини түзсө, кыйла өлчөмдө жасалган деп таанылат. Элүү миң эсе ашкан төлөмдөрдү төлөөдөн качуу ири өлчөмдө деп таанылат, эсептик көрсөткүчтөн жүз миң эсе ашкан төлөмдөрдү төлөбөй коюу өзгөчө ири өлчөмдө деп таанылат.

Айыптарды жана туумдарды кошкондо, салык же бажы карыздарынын бүткүл суммасы ыктыярдуу түрдө төлөнгөн учурда, ушул Кодекстин 241-243-беренелеринде каралган кылмыштарды жасагандыгына байланыштуу кылмыш-жаза процессинин кандай гана стадиясында болбосун адамды кылмыш куугунтуктоо кыскартылууга тийиш.

**242-берене. Бюджетке салыкты жана (же) башка милдеттүү төлөмдөрдү төлөөдөн качуу**

1. Декларация берүү милдеттүү болуп саналган учурларда кирешелер жөнүндө декларацияны бербөө жолу менен же болбосо бюджетке салыктарды жана (же) башка милдеттүү төлөмдөрдү кошуп эсептөө же төлөө менен байланышкан башка документтерге кирешелер же чыгашалар жөнүндө

же болбосо салык салынууга тийиш болгон мүлк жөнүндө бурмаланган маалыматтарды билип туруп киргизүү жолу менен бюджетке салык жана (же) башка милдеттүү төлөмдөрдү төлөөдөн качууда, эгерде бул жосун салык органдарынын мыйзамдуу күчүнө кирген чечими менен тастыкталса жана бюджетке салыкты жана (же) башка милдеттүү төлөмдөрдү ири өлчөмдө төлөбөөгө алып келсе, -

үч жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратууга, же эки айдан бир жылга чейинки мөөнөткө түзөтүү жумуштарына, же 500дөн 1000 эсептик көрсөткүчкө чейин айып салууга же эки жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

2. Өзгөчө ири өлчөмдө жасалган ошол эле жосун, -

1000ден 2000 эсептик көрсөткүчкө чейин айып салууга же үч жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен же аны колдонбостон эки жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

**243-берене. Уюмдардан бюджетке салыкты жана (же) башка милдеттүү төлөмдөрдү төлөөдөн качуу**

1. Эгерде бул жосун салык кызматынын органдарынын мыйзамдуу чечими же соттук актылар менен тастыкталса жана бюджетке салыкты жана (же) башка милдеттүү төлөмдөрдү ири өлчөмдө төлөбөөгө алып келсе, декларация берүү милдеттүү болуп саналган учурларда кирешелер жөнүндө декларацияны бербөө жолу менен же болбосо кирешелер же чыгашалар жөнүндө бурмаланган маалыматтарды билип туруп декларацияны киргизүү жолу менен же болбосо салык салынууга тийиш болгон башка объекттерди жана (же) башка милдеттүү төлөмдөрдү жашыруу жолу менен бюджетке салыкты жана (же) башка милдеттүү төлөмдөрдү төлөөдөн качуу, -

үч жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратууга же эки айдан бир жылга чейинки мөөнөткө түзөтүү жумуштарына, же 500дөн 1000 эсептик көрсөткүчкө чейин айып салууга же болбосо эки жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

2. Төмөнкүдөй жасалган ошол эле жосун:

1) өзгөчө ири өлчөмдө;

2) иштерди иш жүзүндө аткарбастан, кызматтарды көрсөтпөстөн, товарларды жүктөп жибербестен эсеп-фактураны пайдалануу менен;

3) адамдардын тобу тарабынан;

4) алдын ала бүтүм боюнча адамдардын тобу тарабынан, -

эки жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу же аны колдонбостон 1000ден 2000 эсептик көрсөткүчтөргө чейин айып салууга же

эки жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

Эскертүү. Ушул Кодекстин 241-243-беренелеринде салыктан качуу салык кызматынын органдары тарабынан жүргүзүлгөн салыктык текшерүүнүн материалдары менен тастыкталат жана алар боюнча салык кызматынын органдары кошумча салыктарды жана (же) башка милдеттүү төлөмдөрдү төлөтүү жөнүндө чечим кабыл алышат, ал төмөнкү критерийлерге ылайык келет:

1) эгерде тиешелүү чечим мыйзамдуу күчүнө кирсе жана салык төлөөчү тарабынан салык мыйзамдарында белгиленген даттануу берүү мөөнөтүнүн ичинде салык төлөөчү ыйгарым укуктуу салык органына даттанбаса;

2) эгерде салык төлөөчүнүн даттануусуна карата кылмыш-жаза жоопкерчилиги келип чыккан салыктын эсептелбеген суммада чегинен ашып кеткенин ырастаган ыйгарым укуктуу салык органынын мыйзамдуу күчүнө кирген тиешелүү чечими бар болсо жана салык төлөөчүгө ыйгарым укуктуу салык органынын чечими тапшырылган күндөн кийинки күндөн тартып 30 календардык күндүн ичинде салык төлөөчү сотко даттануу менен кайрылбаса;

3) эгерде эсептелбеген салыктын суммасы кылмыш-жаза жоопкерчилиги баштала турган чектен ашып кеткенин ырастаган соттун мыйзамдуу күчүнө кирген тиешелүү чечими болсо.

**244-берене. Мобилдик түзүлүштүн эл аралык идентификаторун санкция албастан өзгөртүү**

Мобилдик түзүлүштүн өндүрүүчүсү орноткон анын эл аралык идентификаторун санкция албастан өзгөртүү, ага тете эле мобилдик түзүлүштүн эл аралык идентификаторун жасалмалоо, -

бир жылга чейинки мөөнөткө белгилүү кызматтарды ээлөө же белгилүү иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен 200дөн 500 эсептик көрсөткүчкө чейинки айып салууга жазаланат.

## 32-глава. Коммерциялык жана башка уюмдардагы кызматтын кызыкчылыктарына каршы кылмыштар

**245-берене. Коммерциялык же башка уюмдардын кызматчыларынын ыйгарым укуктарын кыянаттык менен пайдалануусу**

1. Коммерциялык же башка уюмдардын кызматчылары өзүнүн тескөө же башка башкаруу укуктарын ушул уюмдун кызыкчылыгына каршы жана пайда алуу же болбосо өзү, ошондой эле башка адамдар үчүн артыкчылыктарды алуу же болбосо башка жактарга зыян келтирүү максатында колдонуусу, эгерде бул жарандардын, уюмдардын же болбосо мамлекеттин укуктарына же мыйзамдуу кызыкчылыктарына олуттуу зыян келтирүүгө алып келсе, -

кырктан жүз саатка чейин коомдук иштерге же үч жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратууга, же эки айдан бир жылга чейинки мөөнөткө түзөтүү жумуштарына, же 1000ден 1200 эсептик көрсөткүчкө чейин айып салууга жазаланат.

2. Коммерциялык же башка уюмдун менчик ээсинин эркине карабастан аны алмаштырууга алып келген ага тете оор залал алып келген ошол эле жосун, -

үч жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратууга, же бир жылдан үч жылга чейинки мөөнөткө түзөтүү жумуштарына, же 1200дөн 1500 эсептик көрсөткүчкө чейин айып салууга, же эки жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

3. Ушул берененин 1-бөлүгүндө каралган жосун, акциялар (үлүштөр) мамлекетке же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына таандык болгон коммерциялык уюмда башкаруу функцияларын аткарган адам тарабынан жасалса, -

1500дөн 2000 эсептик көрсөткүчтөргө чейин айып салууга, же эки жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат

4. Ушул берененин 3-бөлүгүндө каралган жосун, оор залал алып келсе, ага тете:

1) адамдардын тобу тарабынан;

2) алдын ала бүтүм боюнча адамдардын тобу тарабынан;

3) өзгөчө оор өлчөмдө зыян келтирүү менен жасалса, -

мүлкүн конфискациялоо менен, үч жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен беш жылдан он жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

Эскертүү.

1. Ушул главанын беренелеринде коммерциялык же башка уюмда башкаруучулук милдеттерди аткаруучу деп менчигинин түрүнө карабастан коммерциялык уюмда, ошондой эле мамлекеттик орган, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы, мамлекеттик же муниципалдык мекеме болуп саналбаган коммерциялык эмес уюмда уюштуруучулук-тескөөчүлүк же административдик-чарбалык милдеттерди туруктуу, убактылуу же атайын ыйгарым укуктар боюнча аткарган адам табылат.

2. Эгерде ушул беренеде же болбосо ушул главанын башка беренелеринде каралган жосун, мамлекеттик же муниципалдык түзүлүш акцияларга (уставдык капиталдагы үлүшкө) ээлик кылган мамлекеттик же муниципалдык ишкана, чарбалык коом болуп саналбаган коммерциялык уюмдун гана кызыкчылыктарына зыян келтирсе, кылмыш куугунтуктоо ошол уюмдун арызы боюнча же анын макулдугу менен жүзөгө ашырылат.

3. Эгерде ушул беренеде, болбосо ушул главанын башка беренелеринде каралган жосун, башка уюмдардын кызыкчылыктарына, ошондой эле жарандардын, коомдун же мамлекеттин кызыкчылыктарына залал келтирсе, кылмыш куугунтуктоо жалпы негизде жүзөгө ашырылат.

4. Ушул беренеде каралган жосун, эгерде ал кылмыш жасалган учурга карата Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларында белгиленген эсептик көрсөткүчтөн жыйырма беш мин эсе ашса, өзгөчө ири зыян келтирүү менен жасалган деп таанылат.

**246-берене. Акционердик коомдор жөнүндө мыйзамдарда белгиленген чектөөлөрдү бузуу**

Акционердик коомдор жөнүндө мыйзамдарда белгиленген убактылуу тышкы башкаруу киргизилген учурда акционердик коомдун башкаруу органдары үчүн чектөөлөрдү бузуу, -

үч жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен беш жылдан он жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

**247-берене. Ачык тооруктарды, аукциондорду же тендерлерди өткөрүүнүн тартибин бузуу**

1. Ачык тооруктарды, аукционду же тендерди өткөрүүнүн тартибин атайылап же этиятсыздыктан бузуу, ошого тете мүлктүн менчик ээсине, тоорукту же аукционду уюштуруучуга, сатып алуучуга же башка чарбакер субъектиге ири өлчөмдөгү зыян келтирген пайдасыз контрактты билип туруп түзүү, -

үч жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратууга, же бир жылдан үч жылга чейинки мөөнөткө түзөтүү жумуштарына, же 500дөн 1000 эсептик көрсөткүчкө чейин айып салууга, же эки жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

2. Төмөнкүдөй жасалган ошол эле жосундар:

1) өзгөчө ири өлчөмдө зыян келтирүү менен;

2) алдын ала бүтүм боюнча адамдардын тобу тарабынан, -

1000ден 2000 эсептик көрсөткүчтөргө чейин айып салууга же эки жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

**248-берене. Жеке нотариустар, аудиторлор, эксперттер же баалоочулар ыйгарым укуктарын кыянаттык менен колдонуусу**

1. Жеке нотариустар, аудиторлор, эксперттер же баалоочулар өздөрүнүн ыйгарым укуктарын өз ишинин милдеттерине каршы жана өзү же башка жактар үчүн пайда көздөө же артыкчылык алуу же башка жактарга залал

келтирүү максатында кыянаттык менен пайдалануусу, эгерде бул атайылап же этиятсыздыктан олуттуу залал келтирсе, -

үч жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратууга, же бир жылдан үч жылга чейинки мөөнөткө түзөтүү жумуштарына, же 500дөн 1000 эсептик көрсөткүчкө чейин айып салууга, же эки жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

2. Ошол эле жосун балага же аракетке жөндөмсүз адамга карата жасалса, -

1000ден 2000 эсептик көрсөткүчкө чейин айып салууга же эки жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

**249-берене. Жеке күзөт жана детектив кызматтарынын кызматчылары ыйгарым укуктарынан аша чабуусу**

1. Жеке күзөт жана детектив кызматтарынын жетекчиси же кызматчылары өз ишинин милдеттерине карабастан өз ыйгарым укуктарынан аша чабуусу, эгерде бул жосун күч колдонуу менен же аны колдоном деп коркутуу менен жасалса, -

үч жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратууга, же эки айдан бир жылга чейинки мөөнөткө түзөтүү жумуштарына, же 500дөн 1000 эсептик көрсөткүчкө чейин айып салууга, же болбосо эки жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

2. Ошол эле жосун:

1) курал колдонуу менен коштолсо;

2) этиятсыздыктан оор залал келтирсе, -

1000ден 2000 эсептик көрсөткүчкө чейин айып салууга же эки жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен эки жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

**250-берене. Коммерциялык паралап сатып алуу**

1. Ээлеген кызмат абалына байланыштуу берип жаткан адамдын кызыкчылыгында аракеттерди (аракетсиздикти) жасоо үчүн коммерциялык же башка уюмдагы башкаруу функцияларын аткарып жаткан адамга акчаларды, баалуу кагаздарды, башка мүлктү мыйзамсыз берүү, ага тете ага мүлктүк мүнөздөгү мыйзамсыз кызмат көрсөтүү, -

500дөн 1000 эсептик көрсөткүчкө чейин айып салууга же эки айдан бир жылга чейинки мөөнөткө түзөтүү жумуштарына же бир жылдан үч жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратууга же эки жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

2. Ээлеген кызмат абалына байланыштуу берип жаткан адамдын кызыкчылыгында аракеттерди (аракетсиздикти) жасоо үчүн коммерциялык же башка уюмдагы башкаруу функцияларын аткарып жаткан адамдын акчаларды, баалуу кагаздарды, башка мүлктү мыйзамсыз алуусу, ага тете ага мүлктүк мүнөздөгү мыйзамсыз кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануусу, -

1000ден 2000 эсептик көрсөткүчкө чейин айып салууга же эки жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

3. Ушул берененин 2-бөлүгүндө каралган жосундар:

1) акчаларды, баалуу кагаздарды, башка мүлктү же мүлктүк мүнөздөгү кызмат көрсөтүүлөрдү опузалап алуу менен коштолгон;

2) адамдардын тобу тарабынан жасалса;

3) алдын ала бүтүм боюнча адамдардын тобу тарабынан жасалса;

4) уюшкан топ тарабынан жасалса;

5) кылмыштуу коомдоштуктун курамында жасалса, -

мүлкүн конфискациялоо менен, үч жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен беш жылдан он жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

Эскертүү. Эгерде адамга карата акчаларды, баалуу кагаздарды, башка мүлктү же болбосо мүлктүк мүнөздөгү кызмат көрсөтүүлөрдү опузалап алуу орун алса же эгерде бул адам паралап сатып алуу жөнүндө ыктыярдуу түрдө тергөөчүгө же прокурорго билдирсе, адам ушул берененин 1-бөлүгүндө каралган жосундар үчүн кылмыш-жаза жоопкерчилигинен бошотулат.

**251-берене. Кызматчынын сый акыны мыйзамсыз алуусу**

1. Мамлекеттик органдын, муниципалдык кызматтын, мамлекеттик жана муниципалдык мекеменин кызмат адамы болуп саналбаган кызматчы тарабынан паралап сатып алууну жүзөгө ашыруучу адамдын кызыкчылыгында кызматчы тарабынан өзүнүн ээлеген кызматтык абалын пайдалануу менен жасоого тийиш болгон же жасай ала турган белгилүү аракеттерди аткаруу же аткарбоо үчүн олуттуу өлчөмдө акча, баалуу кагаз, башка мүлк же мүлктүк мүнөздөгү кызмат көрсөтүүлөр түрүндө сый акыны мыйзамсыз алуусу, -

500дөн 1000 эсептик көрсөткүчкө чейин айып салууга же жүздөн үч жүз саатка чейин коомдук иштерге же бир жылдан үч жылга чейинки мөөнөткө түзөтүү жумуштарына же үч жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

2. Төмөнкүдөй жасалган ошол эле жосун:

1) ири өлчөмдө;

2) адамдардын тобу тарабынан;

3) алдын ала бүтүм боюнча адамдардын тобу тарабынан, -

үч жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга же 1000ден 2000 эсептик көрсөткүчтөргө чейин айып салууга жазаланат.

3. Ушул березненин 1 же 2-бөлүгүндө каралган, өзгөчө ири өлчөмдө жасалган жосундар, -

мүлкүн конфискациялоо менен беш жылдан жети жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

Эскертүү. Кылмыш жасалган учурга карата Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген эсептик көрсөткүчтөн он эсе ашкан сый акы - олуттуу өлчөмдөгү, бир миң эсе ашкан сый акы - ири өлчөмдөгү, он миң эсе ашкан сый акы - өзгөчө ири өлчөмдөгү деп ушул беренеде таанылат.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИ ЖАРЛЫК

2021-жылдын 29-январы ПЖ № 3

## Менчикти коргоо жана ишкерлер менен инвесторлорду колдоо жөнүндө

Менчикти коргоонун конституциялык кепилдиктерин камсыз кылуу, экономиканын туруктуу өсүшүнө дем берүү, мамлекеттин ишкердик субъекттеринин экономикалык ишине негизсиз кийлигишүүсүн болтурбоо, ошондой эле инвесторлордун ишенимин жогорулатуу, жагымдуу инвестициялык климатты жана ийгиликтүү чөйрөнү түзүү максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 65-беренесин жетекчиликке алып,

ТОКТОМ КЫЛАМ:

1. Төмөнкүлөр максатка ылайыктуу деп эсептелсин:

- ишкердик субъекттеринин ишине укук коргоо, фискалдык жана контролдоочу органдардын негизсиз кийлигишүүсүн, ишкердик ишке тоскоолдук кылуусун жана менчик ээлеринин мыйзамдуу укуктарын, анын ичинде макулдашылган милдеттенмелерди аткарбагандыгынан же аткарууга мүмкүн эместигинен улам бузуусун токтотуу;

- инвестициялык объекттердин ишинин жана инвесторлордун мүлкүнүн коопсуздугун камсыз кылуу;

- төмөнкүлөр киргизилсин:

тергөөгө караштуулугун башка укук коргоо органдарына өткөрүп берүү укугусуз "экономикалык кылмыштар боюнча бир тергөө органы" принциби;

жазуу жүзүндө түзүлгөн жана сот тарабынан анык эмес, жалган же жасалма деп табылбаган жарандык-укуктук бүтүмдөрдү аткарбоого жана талаптагыдай эмес аткарууга негизделген укук бузуулар жөнүндө ишкерлерге карата арыздарды жана билдирүүлөрдү Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестрине каттабай туруп, алдын ала текшерүү механизми.

2. Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы:

- ишкердик иштин эркиндигинин жана менчик менен инвестицияларды коргоонун кепилдиктери жөнүндө мыйзамдардын кынтыксыз аткарылышына көзөмөлдү күчөтсүн;

- төмөнкүлөр үчүн контролдоочу, укук коргоо жана фискалдык органдардын кызмат адамдарынын жазык жоопкерчилигине чейинки жоопкерчилигинин шексиздигин камсыз кылсын:

ишкердик субъекттеринин укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын бузгандыгы үчүн;

мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр тартибин бузгандыгы үчүн;

ишкердик иштин субъекттеринен Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана ченемдик укуктук актыларында каралбаган документтерди негизсиз талап кылгандыгы үчүн;

ишкердик субъекттеринин ишин жана (же) акчалай операцияларды, анын ичинде алардын банктык эсептери боюнча операцияларды мыйзамсыз токтоткондугу үчүн;

уруксат берүүчү (лицензиялык) жол-жоболор жана контролдоо-көзөмөлдөө чөйрөсү жөнүндө мыйзамдардын талаптарын бузгандыгы үчүн;

- ишкерлерге карата Кылмыштарын жана жоруктардын бирдиктүү реестрине келип түшкөн арыздарды кароонун тартибин оптималдаштыруу боюнча сунуштарды бир айлык мөөнөттө киргизсин;

- чакан бизнестин жана жеке ишкердик субъекттеринин ишине укук коргоо, фискалдык жана контролдоочу органдардын негизсиз кийлигишүүсүнүн, ишкердик ишке тоскоолдук кылуусунун жана менчик ээлеринин укуктарын бузуусунун маселелери боюнча алардын кайрылууларын күнү-түнү кабыл алуу үчүн ишеним телефонун бир айлык мөөнөттө түзсүн.

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө сунушталсын:

- Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жана бизнес-коомчулуктун катышуусу менен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна ишкердик субъекттеринин укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын ишенимдүү коргоону камсыз кылуу, ишкердик субъекттеринин доо-арыздарын кароонун мөөнөттөрүн тездетүү боюнча сот органдарынын ролун жана ишинин натыйжалуулугун, анын ичинде маалыматтык-коммуникациялык технологияларды кеңири киргизүү жолу менен мындан ары көтөрүү боюнча мыйзам долбоорлорунун топтомун үч айлык мөөнөттө киргизүү;

- экономикалык кылмыштарды жана жоруктарды декриминалдаштыруу боюнча мыйзам долбоорлорунун топтомун, ошондой эле экономикалык кылмыштар боюнча сотко чейинки өндүрүштүн жүрүшүндө камакка алуу түрүндө бөгөт коюу чарасын колдонууга тыюу салган Кыргыз Республикасынын мыйзам долбоорун үч айлык мөөнөттө иштеп чыгуу жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине киргизүү;

- укук коргоо, фискалдык жана контролдоочу органдардын жана алардын кызматкерлеринин ишинин натыйжалуулугунун сандык индикаторлорун колдонууну жокко чыгаруу, ишкерлерди жана алардын жеке менчигин колдоого жана коргоого багытталган ишинин натыйжалуулугун баалоонун жаңы механизмин эки айлык мөөнөттө киргизүү;

- 2021-жылдын аягына чейин ишкердик чөйрөнү жакшыртууга, анын ичинде ишкердик ишке мамлекеттин кийлигишүүсүн кыйла азайтууга багытталган "акылдуу жөнгө салуу" принцибин жана жөнгө салуучу "кум сааты" механизмин колдонуп жөнгө салуу реформасын жүргүзүү;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик соттук-эксперттик кызматтын потенциалын бекемдөө жана техникалык жабдылуусун күчөтүү, ошондой эле экономикалык кылмыштар боюнча соттук экспертизаны жүргүзүү мөөнөтүн кыскартуу;

- 2021-жылдын 1-сентябрына чейинки мөөнөттө мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн олуттуу бөлүгүн автоматташтырылган форматка которуу, мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бизнес-процесстерин оптималдаштыруу жана мындай кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарынын жана административдик регламенттеринин керексиз жол-жоболорун жана ишкерлерден документтерди талап кылууну алып салуу бөлүгүндө өзгөртүүлөрдү киргизүү;

- лицензияларды жана уруксат берүүчү документтерди берүү боюнча Бирдиктүү электрондук портал түзүү жана 2021-жылдын 31-декабрына чейинки мөөнөттө лицензияларды жана уруксаттарды берүүнүн автоматташтырылган системасын камсыз кылуу. Бирдиктүү идентификациялоо системасы аркылуу аны Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталына интеграция кылуу;

- 2021-жылдын 30-сентябрына чейинки мөөнөттө салык органдарынын салык төлөөчүлөрдү тейлөөнүн сервистик моделине өтүүсүн камсыз кылуу, негизги бизнес-процесстерди санариптештирүү жолу менен салыктык администрациялоонун жол-жоболорун жөнөкөйлөтүү жана салык органдарынын кызматкерлеринин салык төлөөчүлөр менен байланышын толук жоюу;

- товарларды бажылык тазалоонун ылдамдыгынын жана көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатынын индикаторлорун киргизүү, атаандашууга жөндөмдүү жана толук автоматташтырылган бажы инфраструктураны түзүү;

- 2021-жылдын 30-сентябрына чейинки мөөнөттө электрондук бажы декларациялоону жана товарларды автоматтык түрдө чыгаруу системасын толук киргизүү;

- айрым жана чек арага жанаша аймактарда ишкердик ишти жүргүзүү үчүн мамлекеттик колдоо чараларын жана жеңилдетилген фискалдык режимди камтыган жагымдуу шарттарды түзүү;

- инвестиция маселелери боюнча тоскоолдуктарды жоюу жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген талаптарды жөнөкөйлөтүү;

- ушул Жарлыктан келип чыгуучу башка зарыл чараларды көрүү.

4. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын стратегиялык өнүктүрүү, экономика жана финансы саясаты бөлүмүнө жүктөлсүн.

5. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Кыргыз**
**Республикасынын**
**Президенти** **С.Жапаров**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИ ЖАРЛЫК

2021-жылдын 4-марты ПЖ № 61

## Ишкердик субъекттерин коргоо боюнча кошумча чаралар жөнүндө

Чарбакер субъекттердин чарбачылык ишин жана бизнес-түзүмдөрдү текшерүүдө укук коргоо органдарынын укукка жат аракеттери тууралуу түшүп жаткан даттанууларга, ошондой эле ыйгарым укуктуу органдардын ишкердик субъекттеринин ишине негизсиз жана ашыкча кийлигишүүлөрүн токтотуу жөнүндө өтүнүчтөргө байланыштуу, бизнести өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү, инвестициялык климатты жакшыртуу, ишкердик субъекттердин экономикалык ишине колдоо көрсөтүү, аларды укуктук коргоону камсыз кылуу максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 65-беренесин жетекчиликке алып,

ТОКТОМ КЫЛАМ:

1. Ишкердик субъекттерин текшерүүгө укугу бар бардык ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 17-декабрындагы № 586 "Ишкердик субъекттерине текшерүү жүргүзүүгө убактылуу тыюу салуу (мораторий) жөнүндө" жана 2020-жылдын 11-декабрындагы № 602 "Ишкердик субъекттерди укук коргоо органдарынын текшерүүсүнө тыюу салуу жөнүндө" токтомдорунда каралган чектөөлөрдү кынтыксыз сактасын.

2. Укук коргоо органдарына жарандык-административдик тартипте чечиле турган жана жарандык, экономикалык иштер боюнча соттордо каралуучу экономикалык кылмыштар боюнча жазык иштерин козгоону жана тергөөнү токтото туруу сунушталсын.

3. Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигине, Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетине, Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигине караштуу Экономикалык кылмыштарга каршы күрөшүү боюнча мамлекеттик кызматына, Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматына төмөнкүлөр сунушталсын:

- Кыргыз Республикасынын жарандарынын жана Кыргыз Республикасынын чарбакер субъекттеринин банктык эсептерин текшерүүнү токтото туруу;

- өздүк териштирүү/өздүк коопсуздук кызматтарынын ишин өздөрүнүн төмөнкү кызматкерлеринин иштеринин бетин ачуу, токтотуу жана тиешелүү жоопкерчиликке тартуу (бошотуу жана жазык жоопкерчилигине тартуу) бөлүгүндө активдештирүү:

ишкердик субъекттердин жана инвесторлордун чарбалык ишине мыйзамсыз текшерүүлөрдү жүргүзгөн жана алардын мыйзамдуу ишине тоскоолдук кылууга багытталган башка аракеттерди жасаган;

мыйзамсыз ишкердик ишти, товарлардын контрабандасын жана башка экономикалык кылмыштарды кылган адамдарга жана субъекттерге көмөк көрсөткөн;

коррупциялык/кызматтык кылмыштарга аралашкан;

- өздүк курамдын арасында жогоруда аталган укук бузууларды жасоого жол бербөөгө багытталган профилактикалык мүнөздөгү алдын алуучу иш-чараларды жүргүзүү.

4. Укук коргоо органдары тарабынан жүргүзүлгөн текшерүүлөргө Кыргыз Республикасынын Президентинин 2016-жылдын 15-мартындагы № 58 "Ишкердик субъекттеринин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иштерин укук коргоо жана салык органдары тарабынан текшерүүдө аларды укуктук коргоо боюнча кошумча чаралар жөнүндө" Жарлыгында каралган учурларда жана тартипте жол берилиши мүмкүн деп белгиленсин.

5. Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы Кыргыз Республикасынын Президентинин жогоруда аталган Жарлыгынын аткарылышын камсыз кылуу боюнча ишти активдештирсин жана анын аткарылышы жөнүндө маалыматты ай сайын Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешинин катчылыгына берип турсун.

6. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы менен өз ара аракеттенип, төмөнкүлөрдү болтурбоо жолу менен ишкерлердин жана инвесторлордун укуктарын укук коргоо органдарынын мыйзамсыз жана негизсиз аракеттеринен коргоону караган тиешелүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду (түзөтүүлөрдү) жазык жана жазык-процесстик мыйзамдарга киргизүү жөнүндө маселени карап чыгуу сунушталсын:

- ишкердик субъекттердин уюштуруучуларын (катышуучуларын), жетекчилерин жана кызматкерлерин Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 319-беренеси боюнча (коррупция) жазык жоопкерчилигине тартууну;

- чарбакер субъекттердин ортосунда пайда болуучу экономикалык талаштар боюнча жазыктык сотко чейинки өндүрүштү жана жазык жоопкерчилигине тартууну;

- экономикалык кылмыштарды жасагандыгы жөнүндө кайрылуулар жана арыздар боюнча ишкердик субъекттердин кызмат адамдарын мамлекетке келтирилген зыяндын суммасын тиешелүү актылар жана эксперттик корутундулар менен ырастоосуз жазык жоопкерчилигине тартууну жана

жазыктык сотко чейинки өндүрүштү (Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 230-232 -беренелери);

- ишкердик субъекттерин (уюштуруучуларды (катышуучуларды), жетекчилерди жана башка кызмат адамдарын) кылмыштардын экономикалык түрлөрүн жасагандыгы үчүн жазык жоопкерчилигине тартууну.

7. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешинин катчылыгына жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын стратегиялык өнүктүрүү, экономика жана финансы саясаты бөлүмүнө жүктөлсүн.

8. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Кыргыз**
**Республикасынын**
**Президенти** **С.Жапаров**

**№ 2 Тиркеме**

# КЕЙСТЕР

**№1 кейс**

2020 жылдын июль айында, Касымованын уулу узак убакытка соттолот, ушуга байланыштуу, адвокаттардын кызматтарын төлөө үчүн каражат керек болот. 2020-жылдын жай айларында Касымова бир топ адамдар менен таанышып, анын ичинде Малахов болгон, ал доогерге батирдин күрөөсү боюнча 500 000 сом өлчөмүндө акча каражатын берүүгө макул болот. 2020-жылдын 28-июлунда доогер (сатуучу) менен жоопкердин (сатып алуучунун) ортосунда 1 бөлмөлүү батирди сатуу-сатып алуу келишими Бишкек шаары, көч. Москва, 52, кв. 56, доогерге таандык даярдалат. Бул келишимге кол коюуда доогер батирди сатпай, күрөөгө берип жатат деп эсептеген. Сатып алуу-сатуу келишими боюнча кол койууда доогер эч кандай каражат алган эмес. Доогер келишимдин мүнөзү боюнча жаңылып, доогер анын жалгыз үйүн сатууга ниети болгон эмес. Ошондой эле, бул келишим доогер үчүн оор бүтүм болуп саналат, анткени ал доогер үчүн өтө жагымсыз шарттарда, татаал жагдайлардын айкалышынан улам түзүлгөн. Мындан тышкары, соода-сатык келишимин аткарууда зордук-зомбулук, коркутуу жана алдамчылык бир эле учурда орун алган. Доогерди алдамчылык жол менен, доогер менен сатуу келишимин түзүүгө мажбурлоо максатында, уулун кыйынчылыкта сактап калууну көздөп, аны Чүй облусунун Кант шаарына чакырып, 10 суткага күч менен кармап, мажбурлашкан, психологиялык кысым көрсөтүшкөн. 2020-жылдын сентябрь айынан ушул күнгө чейин доогер өзүнө карата кылмыш жасалгандыгы тууралуу арыз менен ички иштер органдарына бир нече жолу кайрылган. Бирок бул факты боюнча кылмыш иши козголгон эмес, кылмышкерлер аныкталган эмес. Мындан тышкары, текшерүү учурунда Малахов жогоруда айтылган бардык жагдайларды, анын ичинде доогер менен кредиттик мамилелердин бар экендигин четке какты.

***Суроо:***

Касымовага өз укугун коргоонун кандай жолун сунуштай аласыз? Ал кайда жана кандай талаптар менен кайрылышы керек? Эмнеге?

**№2 кейс**

Доогер Юдин жоопкер Никулинадан негизсиз баюуну жана үстөк пайызын өндүрүп алуу боюнча сотко доо арыз менен кайрылган, анда доогер жоопкердин банк картасына заем түрүндө жоопкердин арызы боюнча АКБ Кыргызстан банкына 120 000 сом акча каражатын которгондугун билдирген.

Бирок тараптардын ортосунда заем келишим түзүлгөн эмес, ошондуктан бул акча которуу жоопкердин негизсиз баюу болуп саналат. Доогер жоопкерге акча каражаттарын кайтарып берүү талабы менен кайрылган, бирок талап аткарылган эмес, бул сотко доо арыз менен кайрылууга негиз болгон. Ушуга байланыштуу доогер соттон жоопкерден 120 000 сом негизсиз баюунун суммасын, бөтөн акча каражаттарын пайдалангандыгы үчүн пайыздарды Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 360-беренесине ылайык 30 000 сомду өндүрүп берүүнү өтүнөт, 15 000 сом өлчөмүндө мамлекеттик алым төлөөгө кеткен чыгым.
Жоопкер Никулина доо арызды мойнуна алган жок жана чындыгында доогер Индияда юридикалык жакты түзүүдө тарткан чыгымдарынын ордун толтуруу үчүн акча каражаттарын анын эсебине которгондугун белгиледи. Доогер бул юридикалык жактын тең уюштуруучуларынын бири болгон. Бул боюнча алардын ортосундагы мамиле оозеки келишими менен негизделген жана күбөлөр Васильев менен Мамытовдун көрсөтмөлөрү менен тастыкталат.

Көнүгүү:
Аргументтеринин негиздүүлүгүн ырастоо үчүн доогер жана жоопкер сотко кандай далилдерди бериши керек? Бул учурда сот кандай фактылык жагдайларды белгилеши керек?
Сот кандай чечим чыгарат?

**№3 кейс**
2020-жылдын 17-ноябрында Бишкек шаарынын Октябрь райондук сотунун соттук аткаруучулар кызматынын бөлүмүнүн сот аткаруучусу Камчыбековага таандык жалпы аянты 131,3 чарчы метр турак жайды сатуу боюнча ачык соодаларды өткөрөт. Ошону менен бирге турак жайдын жалпы аянты 170 чарчы метр болгондуктан, доогер 131,3 чарчы метр турак жайдын аянтын көрсөтүү менен ачык соодаларга катышкан адамдарды адаштырган деп эсептеген. Ушул жагдай ачык соодалардын жыйынтыгына жана сатылып жаткан мүлктүн баасын аныктоого таасирин тийгизген.
Күрөө келишиминде жана күрөөгө коюлган мүлктү өндүрүп алуу жөнүндө соттун чечиминде укук белгилөөчү документтерге ылайык үйдүн жалпы аянты – 170 кв. м.Сот күрөөгө коюлган мүлктү сатуунун (ачык соодалар) ыкмасын жана баштапкы наркын аныктады. Соттун чечиминин негизинде аткаруу өндүрүшү козголуп, сот аткаруучу тарабынан ачык соодалар жарыяланган. Маратбеков анын жеңүүчүсү деп табылган.

***Суроо:***
Камчыбековага өз укугун коргоонун кандай жолун сунуштай аласыз? Ал кайда жана кандай талаптар менен кайрылышы керек? Эмнеге?

**№ 3 Тиркеме**

# КОНТРОЛДУК СУРООЛОР

1. Ишкердик ишмердүүлүк деген эмне?
2. Ишкердик ишмердүүлүктүн белгилери кандай?
3. Ишкердин ак ниеттүүлүк презумпциясы кандай?
4. Ишкердик жана экономикалык ишмердүүлүк кандайча салыштырылат?
5. Ишкер субъекттинин түшүнүгүн бериңиз?
6. Ишкер субъекти кандай өзгөчөлүктөргө жооп бериши керек?
7. Ишкер субъекттердин граждандык-укуктук жоопкерчилигинин өзгөчөлүктөрү кандай?
8. Чакан бизнеске кандай субъекттер кирет?
9. Лицензиялоо деген эмне?
10. Юридикалык жак кайсы учурдан тартып лицензия талап кылынган ишти жүзөгө ашырууга укуктуу?
11. Жаңы Кылмыш-жаза процессуалдык кодексте ишкер субъекттерин камакка алуунун кандай өзгөчөлүктөрү каралган?
12. Кандай шарттарда граждандык-укуктук келишимдердин аткарылбагандыгы боюнча өндүрүштү козгоодон баш тартууга болот?
13. Кандай шарттарда финансылык жана экономикалык укук бузуулар жөнүндө иштерди козгоодон баш тартууга болот?
14. Экономикалык кылмыштардан менчик ээсине келтирилген зыяндын ордун ыктыярдуу толтуруунун кандай кесепеттери бар?
15. Ишкердин жоопкерчилиги деген эмнени билдирет?
16. Ишкер субъекттердин жоопкерчилигинин түрлөрүн атаңыз?
17. Граждандык жоопкерчиликтин кандай түрлөрүн билесиз?
18. Кылмыш-жаза жана административдик жоопкерчилик кандай учурларда келип чыгат?
19. Кандай негиздер боюнча бүтүм түзүүгө мажбурлоо жана зордук-зомбулуктун жана коркутуунун таасири астында жасалган бүтүмдүн жараксыздыгынан айырмаланышы мүмкүн?
20. Тоорукту өткөрүүнүн тартибин бузуу менен тоорукту жараксыз деп таанууну кандай негиздер боюнча айырмалоого болот?
21. Кандай негиздер боюнча уурдоо менен мүлктү негизсиз алууну айырмалоого болот?